И87
83кыр
И87

Исмаилова Ризван

# Эпикалык чабыттар



Ош-2002

83жур
И87

*Исмаилова Ризван*

# Эпикалык Чабыттар

460658

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 460655

СЕКТОР КРАЕВЕДЕНИЯ

**Ош-2002**

ББК 83
И-87

Ош МУнун филология факультетинин
кыргыз адабияты кафедрасында
талкууланып, басмага сунуш этилди.

ИСМАИЛОВА РИЗВАН УРАИМОВНА
И-87 Эпикалык чабыттар. - Ош: 2002 бет.

**Илимий редактор:** - Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, профессор Ж.Шериев

**Рецензент:** - Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Республикасынын илим жана техника жаатындагы жана Жусуп Баласагын атындагы сыйлыктардын лауреаты, филология илимдеринин доктору, профессор К.Артыкбаев.

Кыргыз элинин таланттуу лирик акыны Жолон Мамытов чыгармачылык процесстин табиятына ылайык элдик сюжеттерге кайрылып, мистика, легенда-баяндын мотивинде эпикалык чыгармаларды жараткан. Эмгекте акындын поэма, драмалык чыгармаларына адабий талдоо жүргүзүлүп, обьективдүү баа берүү аракети байкалат. Китеп жогорку жайларынын филология факультетинин студенттерине, аспиранттарга, мектеп мугалимдерине, окуучуларга жана жалпы эле окурмандарга арналат.

И 4603010000- 2002
ББК 83
ISBN 9967 -505 -69 -9

Исмаилова Р., 2002



Ризван тегереги тоо кыркалары менен шекеттенүп, түз-ойдуңу дыйканчылыкка ыктуу, суусу таза, эртели-кеч Кемпир-Абад шамалына жүз чайынган, бир ууч алаканга сыйдыргандай сулуу айыл Савайдын кызы. Анын колуна калем кармап, жазууга болгон далалаты өзү билим алган "Кызыл Кыргызстан" орто мектебинин партасынан башталган. Биринчи макаласы да Кара-Суу районунун "Эмгек майданы" гезитинен жарык көргөн.

1984-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институттун филология факультетин артыкчылык диплому менен бүтүргөн. Ошол эле жылы сентябрь айында Ош облусунун мурдагы ("Ленин жолу"), азыркы "Ош жаңырыгы" гезитинде эмгек жолун кабарчылыктан баштаган.

Информация, маданият бөлүмдөрүндө адабий кызматкер жана котормочу, тармактык редактор болуп эмгектенген.

Гезитте иштеп жүрүп, 1993-97 - жылдары ОшМУнун аспирантура бөлүмүн аяктады. 1998-жылы Бишкекте КМУУнун адистештирилген окумуштуулар Кеңешинде "Ж.Мамытовдун чыгармачылыгындагы поэтикалык изденүүлөр" деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоду.

Кыргыз журтчулугуна аттын кашкасындай таанымал таланттуу акындын өмүр - чыгармачылыгы, улуттук адабиятыбыздагы орду жана салымы (адабий мурасы) биринчи жолу системалуу жана комплекстүү изилденди.

"Жолон Мамытовдун лирикасы" аттуу китеби, 20 дан ашуун илимий-теориялык макалалары жарык көрдү.

Ризван табиятынан прозага жакын. Анын калеминен жаралган аңгемелери республикалык "Кыргызстан маданияты", "Ала-Тоо" журналы, "Көктөм" альманахына жарыяланган "Коктудагы сары айвандар" повестинин үзүндүсү ушул кезге чейин окурман бүйрөсүн кызытып келет.

**Ризван Исмаилова** республикалык коомдук-саясый "Эркин Тоо" гезитинин Ош жана Баткен облусу боюнча өз кабарчысы, Кыргызстан Журналисттер Кошунунун мүчөсү. ОшМУнун ага окутуучусу.

# АЛГЫ СӨЗ

Токтогул атындагы мамлекеттик жана Кыргызстан жаштар сыйлыктарынын лауреаты, кыргыз элинин талантгуу, "от жүрөк" акыны Жолон Мамытов 48 жылдык акындык өмүрүндө мамытовдук стилге, үнгө, натурага таандык көөнөрбөс поэзиясы менен катарда эпикалык чыгармаларды жараткан. Анын "отчул поэзиясынын" керемети жөнүндө көзүнүн тирүүсүндө, көзү өткөндөн кийин да адабий коомчулукта, мезгилдүү басма сөздө, илимий-теориялык адабияттарда жылуу пикирлер, жакшы ойлор айтылып, нарк-насилине жарашкан баа берилген. Биз "Жолон Мамытовдун лирикасы" аттуу биринчи эмгегибизди акындын поэтикасынын бөтөнчөлүгүн ар тараптан изилдөөгө арнадык. Акындын баалуу мурасын окуп, анализдеген сайын нукуралыгы, чеберчилиги, асыл баалуулуктары жана таасирдүү табылгалары менен улам жаңыра берет. Арийне, поэзияга таза, чынчыл мамиле, табият тартуулаган таланттын кудурети гана ушундай касиетти жаратат.

Эпикага акын калеми төшөлүп, чыгармачылыгы такшалып калган мезгилде кайрылганын эске алсак, алдыда сөз кыла турган чыгармалардын сапат деңгээли, көркөм табылгасы, салмагы менен бирге таалим-таасири, эстетикалык сабагы, тарбиялык мааниси, ириде поэма жанрынын өсүп-өнүгүшүнө кошкон салымы жөнүндө айтуунун кезеги кийин - соң сөзсүз келмек. Көпчүлүктүн сүймөнчүлүгүнө ээ болгон, поэзия сүйүүчүлөрдүн жүрөгүндөгү кумири, ыр майданындагы канчалаган жаш таланттардын сүйүктүү устаты, улуттук адабиятыбызда татыктуу орду бар инсандын өзүнүн сөзү менен айтканда, "ырталаанын дыйканынын" калемине таандык "түшүмдүн" даам-татымы тамшандырып, "миң тамырлуу тирүүлүктүн миң тамырында тең алоо

поэзиясынын" ширеси кайрылууга аргасыз кылбай койбойт.

Мамытовдун мектебинен таалим-тарбия алган шакирттеринин өткөн, учурдагы таасирлентип-куштарлантқан жаңы, келечекте жарала турган болочок муундарынын талабы да ушинттирмек....

Акындын элдик мотив, сюжеттерге кызыгышына түрткү болгон факторлор: ошол кездеги жалпы калемгерлер жабыла киришкен өткөнгө кайрылуу темасы болбостон, чыгармачылык процесстин талабына ылайык улам жаңы бийиктиктерге умтулуу аракети, карт тарыхтын барактарынын бүктөмүндө калып, оозеки жашап келаткан көркөм дөөлөттүн азгырыгы, элдик чыгарманын негизинде жазылган, кайталангыс түс-боекко ээгедер, лиро-эпиканын жана лиро-романтиканын накта үлгүсү, жаңычыл, оригиналдуу "Ак Мөөр" поэмасы сыяктуу чыгармалардын таасир этиши, негизгиси эпикалык жанрда калемин такшалдыруу максаты болгон. Мүмкүн Жолон Мамытовдун өмүрү кыска болбогондо, айрым поэмаларына кайрадан кайрылып, алгачкы тажрыйба, эксперимент түрүндө жеткилең иштелбей калган чыгармаларынын багы ачылат беле...

Акындын эпикалык чабыттарында оозеки айтымдагы элдик идея, элдик ойлор, элдик бүтүмдөргө өзүнчө мамиле жасоого жетишкени, "мамытовдук стилди", "мамытовдук үндү" жаңырыктатып, жаңыча өң-келбет, жаңыча түс-боекторду бере алганы менен баалуу.

XX кылымдын экинчи жарымындагы союздук аймакта өкүм сүргөн адабий өнүгүүнүн алдыңкы өкүлү, улуттук поэзиянын жаңы жээктерин ачкан оригиналдуу лирик Ж.Мамытов менен эпик Ж.Мамытов бир баскычка тең чыга алдыбы? Мына ушул суроолордун башын ачып алуу - экинчи эмгегибиздин негизин түзөт.

# КИРИШҮҮ

Кыргыз адабиятында поэма жанрынын өз орду бар. Ал жөнүндө атайын изилдөөлөр жазылган.[1] Окуу китептери менен адабият тарыхында сөзгө алынган.[2] 20-жылдарда элдик белгилүү сюжет, мотивдерди пайдаланып, поэма деген ат менен көлөмдүү чыгармалар жаза башташкан. Айрымдары тарыхка кайрылышкан. Көркөм чыгарма катары окулчу поэмалардын бири деп Касым Тыныстановдун "Жаңыл Мырзасын" бөлүп көрсөтүүгө болот. 30-жылдардан Жусуп Турусбековдун "Энеме" сыяктуу поэмасы калды. Ал эми 40-жылдары Алыкул Осмоновдун "Жеңишбек", "Өлүп тирилгендер", Аалы Токомбаевдин "Майлыбай", "Менин метрикам" аттуу поэмалары жанрды профессионалдык деңгээлге көтөрүп чыгышкан. Ошол жыйырманчы, отузунчу, кыркынчы жылдарда жаралган поэмалар эң алгач улуттук көркөм сөз өнөрүндө реалисттик поэма жанрынын жаңыча салтын жаратты, эстетикалык сабагын калтырды. Мына ушунусуна караганда деле профессионал улут адабиятыбыздын жаралуу, калыптануу этабында пайда болгон поэмалардын көркөм ойлоонун өнүгүшүнө таасири болгон.

Ал эми 50-жылдарда поэма жанры кыйла кеңири кулач жайып бараткандыгына А.Токомбаевдин "Өз көзүм менен", С.Эралиевдин "Ак Мөөрү" жакшы эле далилдүү мисал болуп беришет.

50-жылдардагы поэма жанрынын айтарлык өсүү баскычтарына көтөрүлүшү, 60-жылдардагы жалпы кыргыз поэзиясынын активдешине, анын ичинде эпиканын өнүгүшүнө түздөн-түз жандуу таасир тийгизип турганын эч ким таналбайт. Ошентип, 60-70-жылдардын аралыгында кыргыз лирикасы да, поэмасы да мазмун жана форма жактан

жаңы сапаттык белгилер менен өзгөчөлөнгөн жылыштар жасоого жетишти. Коомдогу социалдык, нравалык курч проблемалар, улуттук жана жалпы адамзаттык идеялар камтылган поэмалардын катарына С.Эралиевдин "Уяң жылдыздар", "Жылдыздарга саякат", "Ак жыттар", "Көк сулуу", Б.Сарногоевдин "Ачык кат", С.Жусуевдин "Үмүт", "Сагыныч", "Тирүүлөргө", Ж.Садыковду , "Калча", М.Абылкасымованын "Эстелик сүйлөйт", өңдүү эпикалык чыгармаларды коюш ылайык келер.

Негизинен 60-70-жылдар кыргыз поэзиясы үчүн активдүү изденүүлөр менен көзгө урунаарлык табылгалар берди. Аалы Токомбаевдин ыр менен жазылган "Таң алдында" романы, Сүйүнбай Эралиев, Сооронбай Жусуев, Майрамкан Абылкасымованын атап өткөн чыгармаларынан башка да Байдылда Сарногоевдин "Ак калпак", Рамис Рыскуловдун "Ыр чынысы", Омор Султановдун "Отузунчу станциясы", Турар Кожомбердиевдин "Кызыл алма", "Таңкы симфониясы" дал ушул мезгилде жарык көрүп, поэтикалык өнүгүштүн сапаттык белгилерин аныкташты. Ошол эле жылдары "ак ыр" менен "эркин ырды" өнүктүрүүгө бир топ аракеттер жасалып, Р.Рыскулов, С.Эралиев, М.Абылкасымова, Т.Кожомбердиев, Ж.Мамытов, О.Султановдор жаңычыл атка конуп жүргөнүн жакшы билебиз. Муну айтып жатканыбыз - изденүү бардык жанрда, жалпы эле поэзияда болду деген ойду билдирели дегенибиз.

Бирок, поэма сапаттык утукка ээ болбостон, сандык жагынан өсүп, кургак сөздүүлүккө, фотобаяндоого кызыгуунун кесепетинен арабөк, чалажан, калың (көп тираждуу) поэма-китептер көбөйүп кеткенин айтпай коюуга болбойт. Мындай көрүнүштөр "Кыргызстан маданияты" жумалыгында, "Ала Тоо" журналынын беттеринде адилеттүү сындалып турган.

Ал эми союздук масштабда поэма жанрынын спецификасы, өнүгүү тенденциялары жөнүндөгү талаш-тартышка чакырган

борбордук "Литературная газетасындагы"[3] талкуу болду. Айрыкча М.Арачконун "Поэма: кризиспи же жандануубу?" деген курч мүнөздөгү макаласынын айланасындагы дискуссия ар түрдүү пикирлерди жаратты. Буга мурдагы союздун алкагындагы белгилүү акын-жазуучулар жана сынчылар да үн кошту. Алардын айрымдары поэманын өзгөчө касиети катары психологизмди эсептешсе, экинчилери лирикалуулукту, дагы башкалары аналитикалуулукту, историзмди, эпикалуулукту, мазмундуулукту белгилешти.

Ошол 60-70-жылдарда поэтикалык чыгармалардын көлөмдүү формасы болгон поэма жанрын улуттук адабиятыбызда ар тараптан өнүктүрүүгө, форма жана мазмун жагынан жаңылоого аракеттенген акындардын бири - Жолон Мамытов. Анын биринчи "Сепил" аттуу драмалык поэмасы калемин сыноого бел байлаттырган алгачкы кадамы эле. "Сепилдин" жазылышына эл ичинде айтылып жүргөн, өзүнүн туулуп-өскөн Төлөйкөн айылындагы Коргон-Дөбө жөнүндөгү легенда түрткү берген. (Бул жөнүндө алдыда кеңири сөз болот). Коргон-Дөбө орто кылымдагы кыргыздын майда хандыктарынын ордосу болгон деген идея чыгарманын башкы өзөгүн түзөт. Ал эми Кан-Шырылдаң жөнүндөгү белгилүү уламыш ар кайсы региондо түрдүүчө айтылаары маалым.

Мезгил жөнүндө акындын өзүнчө ой жүгүртүүсү, кыялый ой толгоосу, тагыраак айтканда, концепциясы "Мезгилдин элеси" деген фантасмогориялык поэмасында чагылдырылат. "Асиретте" акындын турмуштагы орду жана коомдогу милдет-вазыйпасы айтылып, "Акын деген ким?" - деген соболго чар тараптуу жооп берилсе, "Башат жана мухитинде" өткөн замандагы Акын-Бабага "ырымды мактабайсың" - деп, хан көрсөткөн кордук, зомбулукка мүңкүрөп, багынбаган акындын күчү, көкүрөктө оргуштаган ыр-поэзияны эч ким тушап, ноктолоого болбой турган касиети ырдалат. Мазмун-мааниси жагынан бири-бирин толуктап,


байытып турган эки поэманы бир главада карадык.

Кыргыз балдар адабияты боюнча филология илимдеринин доктору М.Сулайманов : "Кыргыз элинин жөө жомокторунун тематикасы бай, ал өзү элдин маданий мүлкүнө, улуттук пейилине, жашоо кумарына жана рухий казынасына жарашкан энциклопедиясы"[5] - деп белгилегендей, автордун "Жанар менен Олокон" поэма-жомогунун жаралышына Төлөйкөн айылынын так маңдайындагы Олокон тоосу, качандыр бир өткөн замандагы тоолук элди-жерди коргогон баатыр жигиттин ысмы менен аталып калгандыгы жөнүндөгү элдик айтымдын жардамдашканын байкоого болот. Окуянын чечилишиндеги каармандарынын жылдыздыкка кетүүгө, аалам сырларын үйрөнүүгө дипгирлениши, өнөр-кесипти аздектеши, автордун чыгарманын мазмун-маанисин мезгилдин жаңы көз карашы, түшүнүктөрү менен туюнтуп, жомок дүйнөсүн байытууга, табиятын өзгөртүүгө аракет жасаганы тилекке каршы, ийге келтириле иштелбей калган. Калмак ханы Коңтаажынын үч небереси кыргыз урууларын баш көтөртпөй э[illegible]ип, зордук-зомбулугун жүргүзүп турган катаал мезгилде элдин бешенесине Чолпон жылдыздай жанып, баскынчылардан куткарып, эркиндикке алып чыга турган баатырдын ким экендиги, теги, жынысы мааниге ээ эмес эле... Олоңбайырдай уул-кызына элдин көзү чачырап турган. "Олоңбайыр" драмалуу легенда-баянында лирикалуулук күчтүү, акындын жакшы романтик экенин тастыктаган баяндамасы эргүү менен жазылган.

Жолон Мамытовду мыкты публицист катары кароонун учуру келип туру. Акындын Кытай жана Куба Эл Республикасына, Индия жана Якутияга барган сапары изсиз калбаган. "Куба дептеринен" ырлар циклин, Кытайдагы Махмуд Кашкарлыктын кабырстанындагы ойлорун, "бейтааныш" эки өлкөнүн табиятын, климатын, сулуулугу менен жалпы облигин, жалпы адамзатка таандык "тааныш

тематикасын" кандайча ырдаганы, АКШнын алп акын Уолт Уитмендин таасир-сабагы, Назым Хикметти аяп, аяп эмес улуулугуна, адамгерчилигине таазим эткен публицистикалык саптары "Даңгырга мактал" поэмасында таасын чагылат.

Акындын эпикалык чабыттары кандайча кеңип-байып, кайсынысында мүдүрүлүп-аксаганын аңдоо максатында поэмаларынын канчанынчы жылдарда жазылган хронологиялык тартиби ирети менен сакталды. Акыркы главада "Буурул таңдын жомогу" аттуу жомок-поэмасы талданды. Жомок токуган акын-жазуучуларыбыз саналуу экенин эске албаганда деле, мифологиялык таанымдагы тематиканын сюжетин улам байытып, коoздоп-суктандырып, дидактикалык баатырдык поэмага айландыруунун түйшүгүн элестетип көрүңүз. Сырткы татынакай жасалгасы ички мазмун-маңызы менен дал келген, композициялык сюжеттери менен балдарды өзүнө тартып турган эр Чилтен жөнүндөгү жомок чындыгында жогорку деңгээлде чыккан.



# Глава I.

## "Сепил" - биримдиктин символу

Жолон Мамытовдун "Сепил" аттуу алты бөлүмдөн турган драмалык поэмасы 1968-71-жылдары жазылган. Кийинчерээк "Ырлар" (Фрунзе: Мектеп, 1975) жыйнагында жарык көргөн. Адегенде эле автордун сөзүнө кезек береличи: ""Сепил өмүрүнөн" деген ыр менен жазылган легенда-драмамды либреттого айландырып бүттүм. Бул экинчи варианты. Бул либретто менин адам мүнөздөрүн ачууну өздөштүрүүдөгү башталгыч мектебим болуп калды"[1] деп жазган күндөлүгүнө. Ал Ж.Мамытовдун биринчи көлөмдүү чыгармасы. Поэмаларынын ичинен эң ирдүүсү, операга айландырылып, сахнада ийгиликтүү коюлган. Акындын поэма жанрында алгачкы чыйыры, алгачкы сыноодон өтүшү эле. (Анда эмесе, анын чыныгы өмүр-тагдыры кандай болду экен?)

Кезегинде орус элинин улуу сынчысы В.Г. Белинскийдин "Драматическая поэзия не полна безсценического искусства: чтобы понять вполне лицо, мало з н а т ь как оно действует, говорит, чувствует, надо знать, в и д е т ь и с л ы ш а т ь, как оно действует, говорит, чувствует"[2] деген таамай аныктамасын окуп алалы. Ал эми А.Н. Островский да "Только при сценическом исполнении драматический вымысл получает вполне законченную форму"[3] деген эмес беле.

Чыгармага киришерден мурда анын жазылыш таржымалы, операнын олуттуу тагдыры жөнүндөгү конкрет фактыларга токтолуп, акындын өз күндөлүгүнөн окусак. (Окурмандарга даана түшүнүктүү болушу үчүн кыскартууну эп көрбөдүк).

"Сатылган Осмонов бүгүнкү күндө кыргыздын көрүнүктүү, таланттуу композитору. Өзгөчө музыкалык шыгы, өз үнү, жазмасы бар бул искусство ишмери жөнүндө бүгүн музыкалык коомчулук азыраак сөз кылып, көмүскөдө кармалып жаткандай туюлат.

Мен Сатылган менен Ошто, 1967-жылдары акын, хоровик Сүйүнтбек Дүйшөналиев аркылуу таанышкам. 1968-жылы "Сепил" аттуу драмалык поэмамдын алгачкы вариантын окуп бергем. Ошондон баштап биздин чыгармачылык байланышыбыз үзүлбөй келатат. "Сепил" поэмасын операга айландыруу ниети С.Осмоновго 1970-жылы пайда болгон. Мен Москвада окуп жүргөндө опера үчүн вариант да жазып бергенмин. Ошондо Маданият министрлигинде иштеген А.Куттубаев аксакал (ыйманы жолдош болсун ылайым), "жаш балдарга тарыхтын не кереги" деп биздин бул ишке көңүлдөнгөн эмес. Балким, биз өзүбүз да даяр эместир элек... Бирок, Сатылган ошондо эле операнын айрым музыкалык темаларын иштеп, пианинодо ойноп калаар эле. 1970-80-жылдар аралыгында ал менин сөздөрүмө ондон ашык романстар, ырлар, хор жазды.

1978-жылы Сатылган экөөбүз Ошко бардык. Апам тирүү эле, колунан даам таттык. Анан биздин айылдагы Коргон-Дөбө деген сепилдин урандысына чыктык. Мен бала кездеги чалдардан уккан уламышты Сакеме айтып бердим. "Сепил" поэмасынын жазылган жана оңдолгон учурларын эске салып өттүм. Сепилдин кырында басып жүрүп, жаздын толуп турган кези эле, "мына бул жерде хан туруп, мобу сөзүн сүйлөгөн" деп кейипкерлердин монологдору менен речитативдерин айтып жаттым. Таң калдык ошондо көзүбүзгө элестеген болумуш турмушка. Биз ошондо чыгармачыл адамдар катары

өтө бактылуу элек...

Сатылган ошондон кийин "Сепилди" опера кылып жазууга чындап бел байлады. 1982-жылы мен ага либреттонун жаңы вариантын жазып бердим. Ал киришти, өтө катуу, ылдам иштеп жатты. Кээде текстти, айрым саптарды телефондон оңдоп берген учурларым болду. Жарым жылда опера жазылып бүтүп калды. Конкурска катыштык. Композиторлордун баасы жогору болду. Бирок, жолубузга эки адам бөгөт болду. (М.Д., А.С.). Бул композитор менен жазуучу экөөнө биз не жаздык, билбейм. Жаратпай салышты.

Ошондо Сатылгандын күйгөнүн ай. Үч күн бою үйүндө сүйлөбөй, тамак да ичпей жатып алыптыр. Жамийла муну көпкө айтып жүрдү. Мен барып : "Саке, жакшы нерсе да жерде калчу беле, опера дурус жазылды, буюрса, жаркырап бир күн коюлуп калганда баарысы унутулат. Кайгырба!" дедим. "Мен конкурстан чыкпай калды деп кайгырбайм, жаман адамдар намыс-арды каалаганда эле тебелеше береби деп кайгырам" деди Сатылган.

Ошол жолку конкурста уткан чыгармалардын баары калды да, опера жана балет театрында "Сепилди" коюу маселеси келип чыкты. Биз аябай сүйүндүк. “Таланттуу адамдардын да кудайы бар, ал таланты жана көркөм чындыгы" деп көңүлүбүз жайлана түшкөнсүдү. Азыр Сатылган оркестровкалап бүттү. Опера даярдалып жатат, болгондо да Улуу Октябрь революциясынын 70 жылдыгына арналып даярдалып бүттү. Мунун өзү символикалуу. Бир замандарда бириге албай айласы куруп, ички жана сырткы душмандардан кордук тартып келген кыргыз эли улуу биримдиктин өлкөсүндө минтип өз элинин өткөнүн өзүнүн борбор шаарындагы академиялык опера жана балет театрынан көрүп жатат. Бул чыны да суктанаарлык тагдыр!

Сатылган назик, чынчыл адам. Поэзияны акындардан да мыкты түшүнөт. Текстти тандай билет, көңүлчөөк. Адамгерчилик пейилинде кылдай көлөкө жок. Ишке берилгич,

ак ниет. Ошону менен бирге максаттуу, өжөр. Биздин чыгармачылык байланышыбызда мен ушуларды байкадым. Баарыбызда эле жетишпеген турмуш көп болот эмеспи. Ага ноюбайт, биз бири-бирибизге бел болуп, адабият менен искусствонун тегерегинде кеңири пикир алмаша алабыз. Турмушка, чыгармачылыкка болгон принциптерибиздин тектештиги бизди жакын адамдардан кылып салгандай болду. Мен өз досумдун талантына ишенем, эл үчүн, улуттук маданият үчүн көп нерсе жасап берерине ишенем, кыргыздын ушундай жаркын уулу менен сыймыктанам.

Алигүнчө наам ала элек. Жупуну гана иштеп жүрөт. Бирок анын чыгармачылыгы өзүнчө күрпүлдөгөн дайра. Ал дайранын шары менен шапатасынан эчендеген эл серүүндүк алат. Мен бул пикирди өзүмдүн архивимде сакталып жүрсүн деп жаздым. Убагында жазылбай, көп нерсе эстен чыгып кете берет экен бул учкул заманда".[4]

Акын агынан жарылып, өзүнүн ыймандай сырын архивинде калтырганы либреттону операга айландыруу, аны сахналаштыруу оңой-олтоң боло койбогонун айгинелейт.

Сатылган Осмоновдун "Сепил" атуу операсы Кыргыз мамлекеттик опера жана балет театрында 1987-жылдын аягында "жаңы жылдык жарнаманын бет ачары" катарында чоң ийгилик менен коюлганын ошол кездеги коомчулук, асыресе театр адистери, күйөрмандары республикалык басылмаларда белгилешкен.[5] Хандын партиясын республиканын эл артисти Э.Касымов, Даанышман - СССРдин эл артисти Х.Мухтаров, Ханыша - СССРдин эл артисти К.Сартбаева, кошун башчы - Э.Шамурзин ж.б. ролдорду театрдын солисттери чеберчилик менен аткарышкан. Опера жаратуунун негизи либретто экендиги маалым. Келечектеги спектаклдин ийгилиги мына шол либреттонун деңгээлине жараша болот. Ж.Мамытовдун либреттосу композиторго бай материал берген. Мында баары бар - жогорку идеялуулук, жаркын окуялуу көрүнүштөр,

чатакташуу, карасанатайлык, митайымдык, өч алуу чыккынчылык, сүйүү, күрөш, акырында акыл-ой менен жакшылыктын жеңиши... Башкача айтканда, кызыктуу жаркын жана таасирдүү спектакль жаратууга негиздер бар Композитор да, коючулар да ушул мүмкүнчүлүктөрдү колдон келишинче толугураак пайдаланууга аракет кылышкан.

Акындын туулуп-өскөн жери "Төлөйкөн айылына кире бергендеги сол тарапта "Автодорожник" эс алуу жайынын жанындагы дөбө "Коргон-Дөбө" деп аталат. Жергиликтүү эл айланасы коргон, ортосундагы дөңүү Кан-Шырылдаңдын ордосу деп айтышат. Кан-Шырылдаң жөнүндө ар кандай уламыштар бар".[6]

Элибиздин өткөн күнү санжыра,
адам даабас, акыл сыйбас зор тарых.
Сансыз болмуш жирей берген алдыга,
сезимдерден сезимдерге жол салып, -

- дейт акын чыгарманын бет ачарында. Коргон-Дөбө жөнүндө жазылып калган тарыхый так, маалыматтар жок, бирок анын орду бүгүнкү күнгө чейин сакталган калдыктарынан, коргондун урандыларынан легенда түрүндө айтылып жүргөнүнөн белгилүү.

Поэма-драманын сюжеттик негизи мындай : хандын жанындай көргөн ханышасынын оюу бузулуп, айлакерлик менен өз мүдөөсүнө жетүүгө аракеттенет. Ал эң алды жеткен ырайымсыз жана кекирейген Кошун башчыны өзүнө имере баштайт да, анын жардамы менен күйөөсүнүн көзүн тазалоону эңсейт. Андан соң жалган жалаа жаап, ордонун акылманы, чынчыл жана айкөл кишини, өз Ата-Журт тагдырына жаны күйгөн Даанышманды курутат. Хандын буйругу менен аны зынданга таштатат.

Эми ханышанын жолуна эр жүрөк, кол башчы Туйгун баатыр жана анын сүйгөнү, хандын карындашы Ганыза (Бийке) тоскоол болушат. Алар да өкүмдардын каарына калышат. Өч алсам деп түтөп жүргөн ханыша өз элин

душманы, чабуулга камданып жаткан жүнгар ханы менен кат алышып, ага сепилдин сырын ачып бермек болот. Ганызак кокусунан бул жөнүндө билип калып, ханышанын чыккынчылыгынын бетин ачат. Кызды канжар менен сайып өлтүрүп, ханыша жардамчысы Чабарман экөө качмак болушат. Драманын соңунда хан жан-жөөкөрлөрү менен өлүп, кыргыздын баш кошкон уруулары душмандарды жеңип чыгышат. Соңку сөз акыры жакшылык жеңет, себеби элдин күчү биримдикте деген идея даңазаланат.

Окуя жүзүнө тор туткан ханышанын айланага серепчилеп, далдоо жерде Кошун башчыны күтүп турган эпизоддон башталат. Кошун башчы ханышага жөн карабайт. Ага болгон башкача сезим менен жашаганы мына бул сөзүнөн эле билинет:

**Кошун башчы.**

Ханышам, күн чырайың отко салып,
дегдесем көкүрөктө толот жарык.
Өзүңө учуп жеттим канат бүтүп
ушундан күтөөрүңдү биле салып.

Кошун башчы бийлик орду боюнча ордодогу эл бийлегендерден, ханга эң жакын киши, анын саясатын жүргүзөт. Бекеринен ханыша буга жан тартпайт. Чыныгы арзуу сезими барбы-жокпу, же өз кызыкчылыгы үчүн кылдат иштелип чыккан айласыбы, кантсе да, биринчи уккандар ишенгендей эле болуп турат.

**Ханыша.**

Билемин мени көптөн сүйөөрүңдү,
Жылыткан ошол ышкың жүрөгүмдү.
Жашыруун өзүң менен
Жанаша өткөрүүгө
жактырып арнап койгом бул өмүрдү.
Тынчымды алат мени сансыз санаа,
көп болду, көздүн жашы салаа, салаа.

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 460653

Карөзгөй айла кылып
оюмду дабдыратты,
башымды тооруп калды катуу балаа..'

Ханыша "оюн дабдыратып, башын тооруган катуу балаа..." - акылдуу да, айлалуу да Даанышман деп эсептейт. Ал ордого тыңчы койдурган.

Эртеби-кечпи кас тараптын ханы менен кат алышып жүргөнүн билип калат. Ошондуктан анын көзүн тазалоо керек деген ой тынчытпайт. Кошун башчы экөөнүн арам оюнун ачыкка чыгышы менен биринчи бөлүм бүтөт.

Туйгун баатыр баштаган кыз-жигиттердин селкинчек оюну ошол кездеги жаштардын шаан-шөкөтүнөн кабар берет. Селкинчекте ыр ырдашып, көңүл ачуу салт болгон. Автор алардын курагына мүнөздүү түс, боек берүүгө аракет жасаган.

**Жигиттер:**

Жаштык деген жашыл өткүн жаздагы,
Алтын курак азоо дагы, мас дагы
Чартылдаган чагылгандай жүрөлү
Чал болгончо кылтылдаган баштары, - деп ырдашса,

**Кыздар:**

Кыз кезектер кызыл өткүн, арман бул,
Кызуу күнгө кыяпташкан майрам бул
Чал болсоңор кандай чара кылмакпыз,
Каалабайбыз кемпир болуп калганды.

Айтыштын акыркы куплеттеринде кыйытылган жагымдуу тамаша жатат. Жаштардын оюн-зоогунда бири-бирине көз артышмай, сөз айтышмай аркылуу сезимин билдирери адат. Туйгун баатырдын көңүлү түшкөн сулуудан жооп алалбай, сар-санаага батып турганы "чынжыры кусалыктын, чырмаган бүт денеми..." деген психологиялык абалынан билинет. Сүйгөнү Ганызак бийкеч саптты кармап, жооп ордуна, жең учунан аземдеп сайылган кол жоолугун берет. Бул көңүлү бар экенин билдиргени.

Махабат жайса торун
чама жок кетээр артка.
Айтпайт кыз ачык жообун
Жигитке көөнү тартса
бир белги берет салтта...

Ышкы түшкөн кыздан оң жооп алган Туйгун баатырдын ошондогу ички сезим-туйг у, кубаныч-шаттыгы фольклордук сүрөттөөгө өтө жакын, негизинен ошонун алкагында калган.

Өзүнчө. Туйгун баатыр.
Чыдай көр жаш жүрөгүм
бактыңан жарылбагын.
Алооло көкүрөгүм
шаттангын, жалындагын."

Ушул эле ойду драмадагы ырчы Нияздын оозунан чыккан саптарга да айтууга болот. Анда реалдуу чындыктан чыккан оригиналдуу ойлор учурабайт. Көбүнчө эле фольклордук даяр туюнтмалар кетет.

Көңүлү түшкөн адамын (селкини) "ак жоолук, жакшынам, аппак айга" салыштыруу эзелтеден элдик күйгөн ырларындагы салттуу көрүнүш.

Нияз ырчы.
Эй, ай тийген тоонун астынан
ак жоолук салып чыкпадың
Акылы таза жакшынам
арманым айтсам укпадың.
Күн тийген тоонун астынан
күзүндө күлүк чаппадым.
Күлгөнү таза жакшынам
Күйөөлөп барсам таппадым.

Поэма - драманын экинчи бөлүмүндө Даанышманды кермурут Чабарман кантип жазгырганы алда канча ишенимдүү чыккан. Тоо артындагы бир уруу хандыкка кат бергин, жоо келсе, душманга кошо салгылашабыз дешти деп

алдайт. Анткени, Даанышманга хан ишенерин билет. Ханышанын тукуруусунан улам Чабарман хан менен Даанышманды кайраштырып жатпайбы.

Ичиндеги кытмыр ойдон куйтуңдап, эки ортого от жакканга маш, эки жүздүүлүгүн кандай чеберчилик менен образга кийиргени монологунан ачык сезилет. "Оюнду дагы көп салам, ордону бузуп мен бурут.." деп өзү айткандай көздөгөнүнө оңой жетип, каалагандай кайраштырганына шаттанганы сюжетке өзүнчө түс берип, окуянын андан ары өнүгүшүнө кызыктырат.

Ал шарты келип калганда арам оюн ишке ашырып калыш керек да.

Хан.

Ал өжөргө үйрөтөм мен
Хандын жолун тосууну.
Хандын элин бөлөк элге
Бириктирип кошууну.
Бул жөнүндө кеп салганын
Унчукпагам, кечиргем.
Азыр эле орго салбасам
Хан атымды өчүрөм![9]

Жаздырып алган катты Чабарман тебетейинин четине кыстарып, атайлап таштын үстүнө койгону, аны менен келаткан Кошун башчынын таап алышы, фольклордук даяр мотивдерден айтарлык даражада өзгөчөлөнбөйт. Андагы каармандардын кыймыл-аракети бири экинчисинен алыс кетпейт, баары "өз милдетин аткарып жаткандай" бир сызыктын айланасында тегеренет. Окуяга түздөн-түз жандуу катышып, активдүүлүгүн көрсөтө албайт. Кыскасы, кайталангыс индивидуалдуу сапат белгилери менен жаралган көркөм образды табыш кыйын.

Катты окуган хан "Даанышманды кара ниет деп" шектенип, сурап-териштирип отурбай эле каардуу өкүмүн чыгарат. Кыйын кезеңде тоо артындагы башка уруулар менен

биригели деген жүйөлүү аракетине каршы чыгып, караөзгөйлүгүн көрсөтөт. Канткен менен Чабармандын чагымы ар тараптуу оңунан чыгып, жеткен куйтулуктун салтанат курушу экинчи көшөгөдөгү тымызын кара ниеттикти ишенимдүү кабарлайт.

Ал эми үчүнчү бөлүмдөгү дүбөлөң түшкөн учур бир кыйла таасирдүү. Сепилдин үч .рабы да, айланасы да тынчсыз. Жарчылар добулбас кагып, жар чакырып, алдыда боло турган жоонун кармашынан кабар айтат. Автордун ошол ирмемди элестүү, так, кыска монолог аркылуу сүрөттөшү оңунан чыккан.

Эй, калайык сал кулак,
хан буйругу жар кылат.
Алты тоонун ар жагы
арбын найза, арбын ат.
Жергебизде желүүдө
душман минген аргымак.
Кибиреген бейпаян
кас колуна кабылат.
Күмүш ордо күл сепил
күн батканда жабылат.

Алаңдаган нымтырак
жат колуна кабылат.
Алтын ордо ак сепил
ай чыкканда жабылат.

Душман астанада турат. Сепилди коргош керек. Аны менен эл тагдыры чечилет. Чачыранды кыргыз урууларынын чоң кайгысы бириге албагандыгында эле. Туйгун баатырдын ошондогу көңүлү чөгүп, эртеңки күндүн сар-санаасын ойлоп тургандагы монологу драманын таасирин кыйла арттырат, маанилүү жүгүн көтөрөт.

Ачык айт бир боорлорго азыбызды,
бирок биз, ийбестикти башыбызды.
Бирок биз, таш жазданып каларлыкты
душманга тепсеткенче ташыбызды.

Айт баарын, жүрөк эркти сүйгөндүктү,
кабылдап чабуулдарга күйгөндүктү
Кастарга эркегибиз жапырт чыгып
катындар жылда кара кийгендикти.

Айт баарын, баш кошпосок бул дүйнөдөн
түбөлүк жок болорду житип, сиңип
Баш кошсок алакандай Ала-Тоодо
тураарын күндүн ысык нуру тийип![10]

ңЧын жүрөгүнөн эртеңки күндүн камын жеп, Чабарманды тоо артындагы элге жиберет. Экөөнүн сүйлөшкөнүнөн Ганызак угуп алат. Чабармандын арам оюн Туйгун баатыр кайдан билмек? Анын көзүнчө таза киши болуп көрүнүп, "тоолук эли турганда, душманга орун болбойт" деп, ак жүрөктүн бет кабын (маска) кие калат. Ал баарына барууга даяр, арамдык менен жашап жүрөт.

Керек учурда Туйгун баатырдын түйшөлгөнүнө ортоктоштой түс көрсөтүп санаа тартышы, намыска чакырып, аталардын мурасын бетке кармап анткорлонушу, өзүнүн милдетин камырдан кыл сууругандай кылдат аткарган менен окуянын өнүгүшүндөгү негизги жүктү көтөргөн Чабармандын образын автор бир кыйла чыйрак иштеген. Баатырдын санаа чегип, "кокус жеңилип калсак, өз элдин эртеңки күнү не болот, Ала-Тоолук бир боорлорубузга барып айт, биригели, баш кошолу" деп, аны жибермекчи болуп турганда Ганызак Чабармандын чыныгы жүзүн ачып берет.

Жамандыктын четин сезип калган Ганызактын ошондогу психологиялык абалы дароо баамга урунат. Душман келсе эртең эмне болоорун жакшы сезген эмеспи.

Ганызак.

Баатырым издеп жүрүп таптым араң,
бөгөтсүз дарыядай ташты санаам...
Байкалбас коркунучка кирип барам...

Туйгун баатыр.

Гүл үшүйт булут басса күндүн көзүн,
күн бирок чыгат сөзсүз, жаркыйт сезим.
Көөнүңдө не дүрбөлөң асылкечим?

Сүйүшкөндөрдөн бири-бирине болгон ысык мамилесин, сезимдерин кадыресе сүйлөшкөн сөздөрүнөн айкын эле сездирип жатпайбы. Ганызак кыраакылыгынан ханышага кара кийинген адамдын кат сунганын байкап калат. Элдин түшүнүгүндө кара түс эзелтен жамандыктын белгиси катары келет. Ганызак көргөнүн көргөндөй эле минтип баяндайт:

Ганызак.

Ооба, ошол.
Көшөгөгө жашынып мен
Өзүн көргөм, сөзүн уккам.
Жунгар хандын белеги деп
Каухар шакек сууруп чыккан.
Жана дагы Ханышага кат берген.

Туйгун баатыр Даанышмандын кырк күн зынданда камалып, акылдан адашып калганын угат. Албетте, ал андан жакшылык иш бүтөрүн күтчү, ошого ишенчү. Ызасынан токтоно албай сүйгөнүнөн мына муну суранып айтып жатпайбы. Маселенин чоо-жайын сөзсүз билүүгө тийиш.

Сезимден учуп турган чагылганым,
от болуп жүрөгүмө жагылганым.
Эгер сен каалабасаң ушул элдин
жер менен жексен болуп чабылганын,
жет кайра, байка кайра ханышаны.

Демек, эки санаалаштын максаты бир. Тууган жердин тагдыры үчүн экөө тең күрөшкө аттанышты. Туйгун баатыр элин, жерин коргогон, эл ишенген кишиси болсо, анын сүйгөн

жары ага тилектеш, аялдык кыраакылыгы, сезимталдыгы менен баатырга көмөктөш болгон сүйүктүү жар. Колунан келгенин эч аябайт. Туйгун баатырдын чечкиндүүлүгү, Ганызактын кыраакылыгынан ички душмандын максаты ойрондолуп, баскынчылардын күчү жетпей, сепил бузулбай калбадыбы.

Поэма-драмадагы каармандардын аттары шарттуу түрдө коюлган. Алар элдик оозеки чыгармалардагы персонаждарды эске салышат. Даанышман (демек, акылдуу, элдик образ), Чабарман ( терс образ) менен Туйгун баатырдын баатырдыгы да окуянын өнүгүшүнөн билинбестен, мурдатан коюлган. Кошун башчынын образы кыйла деңгээлде ишеним туудурат. Митайым, арам оюн жүзү каралык менен ишке ашырып, хандын ордун ээлеп калгысы келет. Ханыша менен ошол максатта көңүлдөш болуп жүрбөйбү. Ал эми калган Нодор баатыр сепилдин түштүк, Кайкы баатыр түндүк дубалын душмандардан коргогону монологдо айтылганы болбосо, башкы каармандын образын ар тараптан толуктоого кудуретсиз.

Башкы каармандардын бири болгон Даанышмандын образы толук кандуу чыкпай калган. Даанышман деп айтылганына жараша ар кыл турмуштук кырдаалдарда акылман, билермандыгын көрсөтүүгө жарды. Элди бириктирүүгө болгон аракети жакшы. "Көп түкүрсө, көл болот" дегендей, сепилди сактап калыш үчүн бүт кыргыз урууларын баш кошуш керек болчу. Ханышанын максатына тоскоол болгон үчүн атайылап жасалган тузактын торуна түшүп, зынданга камалды. Кырк күндүн ичинде акылынан азды да калды. Эрктүүлүк сапаттары бошоңдук кылдыбы? Анын зынданда отургандагы ой толгоосу, кайгы-муңга сызгырылган сезиминин берилиши, психологиялык ички лиризм анчалык ишеним туудурбайт. Муну анын өз монологунан эле апачык билсек болот:

Сен дүйнө денелерден жылып өтүп,

ууңду бүткөн бойго таратасың,
а бирок ошол бойдон житкен жоксуң,
билемин, сен бир жайда баратасың.
Билемин, сен бир жайдан келүүдөсүң,
кайдандыр кай тарапка желүүдөсүң,
байкалбай ырыскымдай кемүүдөсүң.

Автордун ою ийине жеткире иштелбей калган. Түрдүү татаал кырдаалдарга туш келди делгени менен ошол учурлардагы психологиялык абалдары жакшы көрүнбөйт, ичкертен тереңдетилип ачылбайт.

Поэма-драмадагы өзөктүү ойдун бири-адилет менен адилетсиздиктин күрөшүн чагылдырган монологдун таасири бир кыйла. Адилетти зынданга отургузуп жазалаганы менен, адилетсиздин жашоосу ишенимсиз, эртеңкиси күмөн. Бул турмуштун сабагы эмеспи.

Хан өкүмү мында кудай буйругуна барабар.
Адамдарды бар да, жок да кыла алат.
Бирок, ошол хан ар дайым
бир нерсеге кыжаалат.
Тагдыр анын тартып кетсе хандыгын,
өлүм анын кесип кетет өмүрүн.
Ушул эки нерсе ханды ойлонтуп
Бул эки күч ээзет анын көңүлүн.

Сепилдегилер согушка даярданып жатышты. Усталар найза, кылыч жасап, жоокерлер жоо-жарагын камдашты. Сепилди душман басып алса не кылабыз деп хан пирлерге кайрылат. "Байыртан кыргыз журтунда багынып берүү болбогон" дешет алар. Сепилди тегеретип, ким каерин кайтарарын даярдашты.

Туйгун баатырды санаа басты. Канткен менен ханга айтууну туура тапты. Элде "баш кесмек бар, тил кесмек жок" дейт эмеспи, тайманбай ханга тике карап, ханышадан шектенерин айтты. Ушул монологдор бир кыйла чыйрак чыккан.

Урматтуу хан, ачык сөздү айтайын,
моюн мына, каарың келсе башымды ал.
Ишеничтүү бир бийкечтен шумдук уктум,
ćак бололу, Ханышада шегим бар!
Хан селтең этет.
Кандай шек ал?

**Туйгун баатыр.**

Караңгыны жамынып
кара сөлөкөт кириптир үйүңө ханым.
Кайра дароо житиптир
кат, белек берип гүлүңө ханым.
Пейилин жатка бериптир
курбалың ханым
Ачпасын жатка сепилдин
сырларын, ханым.

(астын сызган биз - Р.И.)

Хан таң калат. Кошун башчы кепти төгүнгө чыгарганча шашат. Ал эмес муну чыгарган "ит Ганызак" деп шылдыңдап, ханышага жан тартат. Хан экөөнүн кимисине ишенерин билбей, өкүмдүгүнөн жазбай "Көзүм тирүү турганда, сепил сыры менде болот бир гана" деп каарданат. Окуя чиеленет. Ханды ой басты. Ички дүйнөсү дүрбөлөңгө түштү:

Башым катты.
Ишенгеним ким менин?
Ак-караны апбан жылы иргедим.
Кантип билип, кантип алам чечмелеп
бул ааламды көзүндөгү ийненин?

Арамза ишинин шыбышы ханга жеткенин ханышага Кошун башчы шыбырайт. Алдастаган ҳаныша бир айласын табууга жан талашат. Күйөөсүнө ак экендигин, берилгендигин билдирмекке көңүлүн минтип жайгарат.

Ханыша:

Айбатың кас колуна бүлүк салсын,
ааламга узай берсин атак-даңкың.

Хан:

Барында баатыр журтум кайышпасмын,
сынбасмын турган кезде сендей алтын.

Ханыша:

Болсо дагы затым аял, бири күндүн
өзүңө өчпөс сүйүү нурун сундум, -

деп, эки жүздөнүп, ошол кепти төгүнгө чыгармакка өзү төгүн жерден жалаага калгансып, жан далбастайт.


Кабылдап капчыгымдан жараландым,
айыккыс ак жеримден караландым.
Мен эми айың эмес, күнүң эмес
кайдагы Ганызакка барабармын....

Хан ачууланат. Бул сөз буга кайдан жетти? Ким жеткирди? Жанын жеп, аксынган ханыша минтип долуланат.

Ханыша:

Агөрөк кыйгын мени колуң менен
сепилде таза бойдон калсын денем!
Ичине кара каткан күйөө менен
канткенде жашайм эми?

Жогорудагы эпизоддон ханышанын образы алда канча ачыла түшөт. Айлакер ар кандай амал-айлага, арамза иштерге шыктуу, өз кызыкчылыгы үчүн түрдүү жан кечтиликке даяр турганы ишенерлик даражада берилет. Элде айтылган "Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман" деген макалдагыдай болуп, жалган сүйүүгө алданып, Жунгар хандын байлыгына азгырылып, өз элин саткан, куулук-шумдуктун кулу болгон аялдын терс образы катары поэманын жүгүн көтөрөт.



Чыгарманын кульминациясы - ханыша менен Ганызактын бетме-бет келишиндеги окуя. Экөөнүн диалогунан каармандардын мүнөз өзгөчөлүктөрү кылдат байкалат. "...Ханыша, "селт" артын карап, каалганын четинен бийкечтин үкү топусун көрөт. Учуп жетип билегинен сүйрөп кирет.

Көрдүңбү? Баарын угуп турдуңбу?

Ганызак:

Эмнени ханышам
Эч нерсе уккан жокмун.

Ханыша:

Жеңинин учунан канжар сууруп
Айт чыныңды арам күң,
Аман калгың келсе.
Менин артымдан аңдыттырып койгон ким?
Туйгун шермендеби? Айт, айт!

Ганызак.

Боюн түзөп.
Энеси эмес белең ушул элдин
Эмнеге жүрөгүңдү жатка бердиң?
Ур, мына жап-жаш гүлгүн көкүрөгүм
Учунан канжар сууруп чыксаң жеңдиң!

Ханыша:

Эй, бейбак өзүң ким да, сөзүң ким,
Кай себеп карайлашың шимшип мында?

Ганызак.

Күнөөнү өз башыңа үйүп туруп
Сен мени күнөөлүдөй сурак кылба!

**Х а н ы ш а .**

Бул заманда бейбакка да доо кеткен!

**Г а н ы з а к .**

Ханышасы арамдыкка жөө кеткен!

**Х а н ы ш а .**

Токтот!
Канымды кызытпа.
Сендей секелекти бир бурдап коерумду
билбейсиңби?

Бийкечти канжар менен сайып өлтүрүп, ары сүйрөп таштайт."[11]

Ганызактын өлүмү кадимки эпикалык өлүмдү эске салат. Өз элин саткан чыккынчынын эки жүздүүлүгүн ашкерелеп, өзүнүн адамдык бийик парзын даңазалоо ар кимдин эле колунан келбейт. Автор ак жүрөк, саткынчы менен келише албас, элинин ар-намысы, эркиндиги үчүн өз өмүрүн кыйдырууга жалтанбай барган эр көкүрөк кыздын образын түзгөн. Анткени, эли-жери үчүн жанын берүүнү сыймык катары эсептешкендиги кичине эпикалык чыгармалардан баштап, "Манас" эпосуна чейин даңазалангандыгы белгилүү. Алмуздактан бери жакшылык менен жамандык, өмүр менен өлүм катар жашап, күрөшүп келаткандыгы жашоо мыйзамы. Чындыкка жетүү оңой эмес, ал ар кандай курмандыкты талап этери белгилүү.

Жолон Мамытов бул поэма - драмасын биринчи ирет жазганына карабастан, бир топ ийгиликке жетишкенин, ошондой эле айрым мүчүлүштүктөр кетиргенин жогорудагы талдоо аркылуу белгилөөгө аракеттендик. Кантсе да акындын эпикалык жанрда жасаган алгачкы аракети бекер кетпептир.

Эң башкысы акын драмасын чоң эргүү, чоң изденүү менен жазган. Сюжет куруудa жасалмалуулук, ашыкча шөкөттөө жок. Сөздөрдү ыгы менен урунуп, башкы, аякы, атама

уйкаштыктардын бир нече түрлөрүн жуурулуштуруп, көркөмдүгүн арттырган. Образ түзүүдө индивидуалдуу өзгөчөлүктөрдү, психологизмди өздөштүргөнү байкалат. Айрыкча бет ачарындагы автордук баяндоонун мазмуну, чыгарманын композияциясына өзүнчө түс, маани берген лирикалык чегинүүлөр күчтүү чыккан.

Поэманын идеялык-мааниси чоң. Ал аркылуу өткөн доордо кыргыз элинин башынан кечирген коогалуу, кан жыттанган азалуу күндөрүн көз алдыга элестетебиз. Элдин биримсиздиги, чачыранды, бөлүнүп-жарылгандыгы эч убакта жакшылыкка алып келбесин, душманга оңой олжого турарын "чептен эрдин күчү бек" деген накыл кептин философиялык маанисине дагы ынандык. Азыр да "Сепилдин" ханышасындай элдин тынчтыгын бузган, мамлекеттин сырын жатка ачкан арамза, эки жүздүү, анткор, элдин материалдык байлыгын талап-тоноп, чет элге сатып кетүүгө ниет кылгандарга сабак болот деп ойлойбуз.



# Глава II.

## *Мезгил жөнүндөгү философиялуу ыр...*

Жолон Мамытовдун "Мезгилдин элеси" (Ф, "Кыргызстан", 1976) аттуу чыгармасы фантасмогориялык киришмеден, эки жыйындан жана кездешүүдөн, сүйлөшүүдөн турган поэма. 1970-1974 - жылдарда жазылган. Биз аны бир аз шарттуураак түрдө поэма жанрына кошуп жатабыз. Анын аты айтып тургандай, акын мезгилдин элесин тартууга далалаттанат. Көзгө илинбес, колго кармалбас мезгил деген абстрактуу категориянын сыры кайсы? Мезгил деген өзү эмне? Анын аныктамасы барбы?

Ушул суроолордун тегерегинде акын поэтикалык образдар аркылуу ой жүгүртүп көрөт. Биринчи киришмеде "чексиздерди арчыйндоочу ракета" менен лирикалык "мен" кыялый сапарга чыгат. Адам баласы тирүүлүктүн мыйзамына баш ийип жашай бербей, өз огунан чыгып, өзүнө белгисиз, жоопсуз соболдоруна (Мезгил деген эмне?) жооп табууга бел байлайт.

Тушалабыз
планетке
ушул керең, ушул карт
оопасыздай
корко берсек өлүмдөн.
Кетем
улуу сапарыма,
бер старт!
Атказ, өлкөм,

кагылайын өңүндөн...[1]

**Биринчи жыйын.**

**Иңир кирээр алды хор.**

Күн батыш жак кызарып, кеч кирип бараткanda оюн башталат. Жылдыздар мурункудай чоң-кичине дебей жанып, ичинэ сыр катышат. Курдаштык үлпөтүнө чогулган жаштар "акыркы модада кийинип, байыркы жоо-жаракчан жигиттер, байыркыча кийинип, азыркынын кылык-жоругун күткөн кыздардын" хору башталат.

**Кыздар:**

Серүүн жел тоо жактан
сестенип ышкырса
себеби биз бекен?
Кыя жел кыр жактан
Кыроойлоп ышкырса
күнөөлүү биз бекен?

**Жигиттер:**

Ушундай түндөргө
жашайбыз кул болуп.
Курдаштык үлпөттү
курабыз бул жолу!

Хордо кыз-жигиттердин мындай айтышы жаштыкка мүнөздүү оюн-зооктогу кайым-айтышууну, тамашалашууну чагылтса, сүйкүмдүү жаштыктын кайтып келбестигин өмүрдүн таттуулугуна тамшанган, артка кайтаруунун чарасыздыгына, мезгилдин учкулдугуна кыйыр өкүнүч айтылат.

Мезгил жылдын санаты менен саналат эмеспи. Канча жыл канча мезгил өтсө да көөнөрбөс нерселер (алар дегеле көп буга далил. Мезгил өзүнө сыйдырган нерселерди элестетү аздык кылат. Анын маңызы кайсы деген ой тынчытпай

акынды.

Четки жигитке.

Копуңа дүйнөнүн
бийлиги топтолсо,
Не иштээр элең сен
кой дээриң ж< болсо?

Жооп:

Мен анда жер үстүн
Кыдырып чыкмакмын.
Ар бир кыз тилегин
Жалгыздап укмакмын.
Бийликти чогултуп аларга үймөкмүн
А өзүм ушинтип шайкелең жүрмөкмүн,[2]

- деп ар бир адамдын жеке турмушу өзүнө кызык, жан дүйнөсүнүн табышмактыгын айткысы келет. Мында акын гумандуу мамиленин алкагынан ой жоруп жатат. Кээде жаштыктын өзү шайкелеңдик менен өтөөрүн белгисиз жигиттин кыял-жоругу менен ишендирет.

Ошол көрүнүштөгү барабандар ургулап, дорулдаган добуштар азыркы замандын турмуш образынан кыйкымдап элес берет. Рок-музыка, поп-музыка деген жашоо ритмине жараша музыкалык табиттер канча? Лирикалык "мен" ошол ызы-чуу менен "ылдамдыктар дооруна..." туш келди...

Экинчи жыйын

Күндүзгү шаар панорамасы

Хор.

Тааныйм десе дүйнөнү ким;
майдалыкка орой болбой,
улуулукка тизе бүкпөй
көп изденсин, көп ойлонсун

"Адам акылын иштетип, ой чабарманын тынчытпаса, анткени, ар биреөнө тегиз ойлоо, кабылдоо бактысы берил-

беген бул жарыкчылыкта" дейт акын хордун монологунда.

**Ар кандай жабдууларга толгон лаборатория. Өз иштери менен алек окумуштуулар. Ак кийимчен ойлуу басып жүрөт.**

Ак кийимчен, Дүпөйүл, Бирбигий - шарттуу алынган образдар б.а. мезгилдин сырын аныктагысы келген кыялый окумуштуулар. Аталышы да кызык. Дүпөйүл - ачык эмес, күңүрт, бирбигий - кичинекей, майда дегенди туюнтуп, оптикалык приборлор телескоп, микроскоп аркылуу асмандагы күн, ай, жылдыздарга байкоо жүргүзүп, көзгө илешпеген майда нерселерди аныктап жатышпайбы.

Адам баласы жер жаралгандан бери мезгилдин жандырмагын таппай келет... Ал жөнүндөгү илимий ачылыштар, ой-божомолдор, ой-жүгүртүүлөр канчалык көп болгону менен мезгил, убакыт деген түшүнүктөр жердин формасы сыяктуу түйдөктөлүп, чиеленип барат эмеспи.

Ак кийимчен өзүнчө "биз көргөн жылдыздардын артындагы, биз такыр көрө албоочу жылдыздардан миң жылдык (жарыктын ылдамдыгы менен) алыстыкта жайнап турган жылдыздар бар экенин тапты Дүпөйүл изилдөчү" дейт. Ошол нерсе мейкиндикте терeңдей берсе кантет? Телескоп тиктеген окумуштуудан сурайт "Чексизге улам сүңгүп кире берүү, кайрылып келер жолду тоспос бекен?"

**Дүпөйүл:**

Узасак биз канчалык чексиздерге
ошончо жакындыкты жаратабыз.
Демек, биз туура жолдо баратабыз.

**Ак кийимчен:**

Демек, биз алыстарга сүңгүү менен
алысты жакындаткан турбайбызбы.

Ыракмат. Уланта бериниз.

Акындын кейипкерлеринин монологдору түшүнүксүз, конкрет ойду логикадан аңдоо кыйын. Айтайын деген ою чаржайытыраак, өзүн-өзү кайталоoo арбын. Маселен, Ак кийимчендин монологунан бир нерсени кармап калуу дегеле мүмкүн эмес.

Бирбигий дүйнөлөрдү изилдөөчү
биз көргөн майдалыктын ичиндеги
биз такыр көрө албоочу майдалыктан
жана да тыгыздыкта жайнап турган
майдалык бар экенин тапты бүгүн.
Эртең ал андан ары өрүш алат.

Жер планетасы, Асман телолору, жылдыздар, кыскасы, убакыт категориясына таандык бардык элементтер Бирбигий изилдөөчүнүн байкоосунда улам майдаланып, бөлүнүп отуруп өзүнчө касиетке, мүнөзгө, жашоо образына ээ экени туюнтулат шекил.

Токточу!
Бул улана берсе чексиз,
адамга жакындыктын мындай эпсиз
кереги барбы деги?[3]

Ак кийимчен окумуштууда бекеринен мындай ой келген жок. Илим - бул түгөнбөс казына, кенч. Бекеринен элде "илим ийне менен кудук казгандай" деп айтылбайт. Мында адамзаттын кызыкчылыгы үчүн кызмат кылган илимдин казынасы түгөнбөйт деген идея бар.

Кыскасы, акын кыялында мезгилдин элесин тартат. Окумуштуулар аны хорго салат.

Биз өзүбүз болгон менен
дүйнөнүн бир бөлүгү,
биздин колдо жер шаарынын
илдети, ден соолугу.
Биз мезгилди оңго-солго
жылдырабыз кааласак
Байкуш кылым биздин колдо
маңги болуп баратат.

**Микроскоп тиктеген окумуштуунун жанына басып келип:**

Бирбигий! Тынымга кеңешип алалычы!
Бүгүнкү жыйынтыкты чыгарууга
шашам да мындайча бир ойго кетем.
Жакынга улам ныктап жыла берүү
кайрылып келээр жолду тоспос бекен?
Эгер биз татаалдыкты каалай берсек
жөнөкөй нерсе баары унутулуп
айланып кетпес бекен татаалдыкка?

**Бирбигий:**

Жакындан жакындарга жакындасак
алысты чечмелөөгө табабыз жол.
Билиңиз Акбай мырза, демек бул иш
кеңдикти тартууга багытталган.

**Ак кийимчен:**

Демек, биз тардыктарды кеңейтүүдөн
кеңдикти тарыткaнга жетебиз да.
Туура жыйынтык! Ишти уланта бериңиз

(Өзүнчө)

Биз мунун баарын билип, баарын чечип
жатпайбыз байлык үчүн, алтын үчүн.
Биз муну жасоодобуз отту кечип
өткөндө сансыз муундар, ушул ойлор
кийинки муундарга калсын үчүн.

Чексиздик жолундагы сапарларда
аларга ушул ойлор жардам болуп
баскычтан баскычтарга жылышсын деп
биз минтип мээ коротуп жатпайбызбы!

Акыры автордун кейипкерлери мезгилдин элеси менен бетме-бет кездешет. Мезгил өзүнүн учкулдугу, тирүүлүктүн кайталанып тураарын, өзүнөн мурун - соңку күбө болгон заман, доор, убакыт, учурларга көз таштап, эмнелерге күбө болгонун айтат.

Адам өзүнүн биологиялык жана руханий эволюциясы, кеңири масштабдуу цивилизациясы менен Жердин ээси. Жер шарынын географиялык табиятына, экологиялык тазалыгына, руханий ыймандуулугуна жоопкер. Биздин сабатсыз, текебер, кенебестигибизден "Байкуш кылым биздин колдо маңги болуп баратат.." деген тынчсыздануу, эскертүү бар.

Поэмадагы берейин деген идея акыр аягында мезгилдин элесинин монологу аркылуу берилгени кызык. Бул бүтүм жаңы, эч кимдин оюна келбеген бүтүм эмес. Алмуздактан бери эле айтылып келаткан ой.

Бир ууч чүрпө, сенде ненин айыбы,
Жердин жүзү сенден миллиард карылуу.
Адамзатка керек улуу оорудан -
Өзүмчүлдүк илдетинен айыгуу

Мезгил эч кимге, эч нерсеге көз карандысыз, баш ийбес, багынбас күчүнөн баарын багындырып баратканы менен ал да тирүү жан сыяктуу ооруйт, кыйналат. Акындын табылгасы ушул.

Сен сезбейсиң дүйнө кандай татаалын,
өсүү жолу кандай узак катаалын
Менин ишим уча берүү болсо да
көп нерсеге чыдай албай жатамын."

Жогоруда айтылган "кылым оорусунан" айыкпаса, жер шарын кандай тагдыр, трагедия күтөөрүн эске салат. Мезгилге тил бүтүп, тирүү жандай поэтикалык ойду туюнтуп, кийинки муундарга өзүнүн сабагын айтат.

Поэманын бүтүшү башкачараак. Ата - баланын диалогу менен аяктайт. Чыгармадагы негизги ойдун картинасын микропленка аппараты аркылуу көрүшкөнү, сүйлөшкөндөрүн кадимкидей аппаратсыз баланын түшүнгөнү маалымдалат. Алар жер бетинде эмес, жердин ортосун миң жылда өтүп бүтүүчү бөлүкчөлөр агымында башка планетада жашашат. Жерден келген мына мындай ырды атанын баласына кулактаганы менен автор чыгармасын жыйынтыктайт.

Түздөөр мезгил бейиттердин томдорун,
Унуткартаар качан эмне болгонун.
Планетти таштап көчүп калсаңар
Издегиле кайрылуунун жолдорун!

Табияттын алдында адам баласы алиге чейин алсыз, күчсүз. Табияттын сырын өздөштүрүү, өзүн-өзү таануу, актыкка аргасыз баш ийүү, кайра жаралуу маселесинде башын катырып келет.

Ал эми акын Жолон Мамытов "Убакыт" (Ф. "Кыргызстан", 1973) деген белгилүү ырында мезгилдин стихиясына карама-каршы туруп, өлбөстүк үчүн күрөшүп өткөнүн бүгүнкү күн айгинеледи. Келечек да шексиз далилдейт деген ойдобуз.

Качандыр бир жаралам деп ойлоном
*Бул чеги жок табийгаттын колунан.*
Аалам кезип, айланыштуу жол менен.
Кайра баштан мен жашоого жолугам...

Автордун өз фантазиясы менен мезгил деген

философиялык категорияга терең ой чаптырып, анын маани-маңызын, тагыраак айтканда, облигин өзүнүн сөзү менен айтып берейин деген аракети колдоого татыйт. Бирок, ал койгон максатына толук жетти деп айтуу кыйын.

Биринчиден, кейипкерлерди (конкреттүүбү же абстрактуубу) поэтикалык образдаштыруу жогорку деңгээлге жеткире иштелбей калган берейин деген оюн ырааттуу, логикалык жактан бирин-бири толуктаган сюжетке да ээ эмес. Экинчиден, поэманын бүтүшүн мурдатан айтылып келаткан ойлор менен аягына чыгаруу жаңылык катары да кабылданбайт.

Ал эми "Мезгилдин элеси" поэмасынын ийгилиги акын өзү ырдагандай, "татаалдыктан татаалдыкка бой таштап", мезгил жөнүндө философиялуу ыр ырдоого бел байлаганы. Жакшы ойлор, жакшы эпизоддор менен турмуш, бүгүнкү жашоо менен өткөн мезгилдин өзөгүндөгү байланышты, сабакты, мурасты иликтөөгө астейдил аракет жасаган.



# ГЛАВА III.

## Ыр жазуу - дилдеги акыйкатты айтуу

Акын жана анын коомдогу орду, ролу улуттук адабиятта 60-70-жылдары атайын темага айлангандыгы белгилүү. Анын айкын бир мисалына Жолон Мамытовдун "Асирет" поэмасын көрсөтүүгө болот. Автор поэзияга чыныгы мамиле, акындык вазыйпа жөнүндө көп эле жазган. Акындык таланттын табияты, санааркатып түйшөлткөн маанайы, толкутуп-эргиткен көңүл күүсү, кыял-мүнөзү, ой-дүйнөсү, көркөм кабылдоосу, өзүнүн жашоо-турмушу, вазыйпасы кыскасы, **П О Э З И Я** жаратуудагы **"М Е Н Д И Н"** бүткүл турпатын, көркөм сөз өнөрүнө болгон мамилесин акын Жолон өмүрү өткөнчө ырдап өткөн. Так ушул темага арнаган көптөгөн ырларынын айрымдарын санап өтсөк ашыкча болбос. Аларга: "Мен бүгүн зор дүйнөнүн бүгүнүмүн", "Максат", "Башталуу алдындагы ыр", "Акын жолдо", "Актерге ода", "Өзүмдү эгер кыстасам", "Сен оңой жол, күйгүзөсүң көзүмдү..", "Мен түрдүү ноталарда калкып ойнойм", "Өлбөстүк жолунда", "Өзгөн мунарасы" ж.б. Булардагы ойлорду улам байытып, тереңдетип, тамырлантып, китептен китепке алып өткөн. Бул поэма ошол ойлордун бүтүндөй жыйындысы, бүтүмү деп айтаар элек. Алгач поэмада акын мүнөзү көркөм жалпыланып, типтештирилгендигине назар салалы.

Биз акынбыз.
Ойдогуну арийне
түз айтабыз жымсалдабай, кууланбай.
Бизге андыктан
күтүү кыйын мамиле
доско достой, а тууганга туугандай.[1]

Лирик акын поэмада өз замандаштарынын табият тартуулаган турум-турпатын "бизге" типтештирип, анын мүнөзүн башка жанрдагы (проза же драма) чыгармадагыдай эволюциялык процессте чагылдырбастан, "дилиндегисин болгонун болгондой айтып, бир-бирден санап" көрсөтүүгө аракет жасайт. Поэманы арылап окуган сайын мүнөздүк өзгөчөлүктөрүнүн сыры, ошолорго таандык сапаттык белгилер ачылат.

Эл уйкуда жаткан кезде түш көрүп,
биз дүйнөнүн сарсанаасын желкеге
артып алып, тердеп-тепчип,
бой урабыз ой чендебес нерсеге.
"Акын калкы эмне келсе оюна
иштей берет" деп калышат.
Ал туура.
Ал тийиштүү тиги менен мобуга
жана буга,
тынбай жазган халтура!

Бул саптарда лирикалык каарман "биз" ыймандай сырын жашырбайт. Өзүнүн ак ниет, таза жан дүйнөсү менен эл жүгүн көтөрүүгө даяр экендигин жар салат. Мүнөзү башка адамдарга окшобой, сезгич, баамчыл, турмушка өтө жоопкерчиликтүү карайт. Тазалыкты, чындыкты туу тутуп, өз максаты үчүн чаалыкпай, тынымсыз күрөшүүгө даяр. Эч кимден жалтанбай оюн ачык, түз айтаарын моюнга алат.

Сезгич жанбыз, көп нерсени сезебиз,
зор сапарга керектигин тазалык.
Чыдай албай көкүрөктү эзебиз
жаткан кезде кыңыр иштер жасалып.

Жашоо мүмкүн курсагың ток, опасыз,
бизди бирок, кыйын ага кыстамак
"Жөн күнүң жок, ой баспаган, капасыз,
деги сага эмне керек, кысталак?!"

Биреөлөргө окшоп курсагы ток, кийими бүтүн болсо, күн көргөнүнө шүгүр этип, жашоо ушул экен деп, болгонуна каниетотенип жатып алуу анын мүнөзүнө жат. Аны дайыма ар кандай ойлордун түйшүгү тынчын алат. Ошон үчүн акын да. Акын тарткан машакат айтканга оңой. Анын жүрөгү "тынч жашоого көнө албай, ыңгайлашпа, жеңмейинче күрөш!" дейт. Өз тагдыры ырынын тагдырынын алдында тыйынга турбайт. Анын бактысы түн түйшүгүнүн азабынан жаралган ырынын бактысы. Жазган ыр сабынан Ата-Журттун тилеги кылымга таркап турса дейт, ошону тилейт.

Биздин күндөр арылдаган арыстан,
жел жетпеген желмаяндай күлүк ал.
Анын ошол тездигинен калышсаң -
артты көздөй сүрүлгөнүң! -
Билип ал!

Акын мезгилдин (аны арыстанга, желмаяндай күлүккө салыштырып жатпайбы) кан тамырын сезбесе, өз заманыңдын үлүшүнөн куру каласың деп, өзүн-өзү милдеттендирет. Ал алдыңкы адам, табият, тагдыр ошондой жараткан. Коомдо кандай окуялар болуп өтсө, биринчилердин катарында реакция жасайт.

Биздин күндөр мухит өңдүү муюган

ойчул күндөр,

козголо элек ордунан

Бирок,

анын тереңинде уюган

сезим жатат катмарлана оргуган.

Бул саптарды комментарийлөөнүн анча кереги деле жоктой. Анткени, акындын жан дүйнөсүнүн түрдүү абалдарын күүгө келтирген сезимдердин гаммасындай татаал. Соодагерче майдаланып жашабай, өмүрдү эркин сүрүп, айтчу сөзүн эркин айтып, жасачу ишин эркин жасап жүргөн калемгер:

Кайсыл жайда

калк кайгыдан мертинсе

дал ошол Жер

Ата-Журтка айланат.

Же айтылуу фразаны колдонсок, жер жүзүнөн жарака кетсе, анын жүрөгү аркылуу өтөт. Чыныгы акын мындан башкача боло албайт.

Айрыкча биз өжөр, чынчыл келебиз. "Калпка каршы төрөлгөнсүп" кичинекей чындык үчүн чыркырап, өз жаныбызды кыюуга даярбыз, андан баш тартпайбыз дейт. Дегинкиси акын турмушу контрастуу. Жакшы ыр жазган күн ага майрамдай, жакшы сап таба албай, уйкусуз өткөргөн түн армандай. Бөлөктөрдөн айырмасы байлыкка, мансапка умтулбаган ток пейил, жөнөкөйлүгү. Дүйнөнүн түпкүлүгүн жөнөкөй адамдар түзүшөт деген учкул кеп бар эмеспи.

Шыгыбыз жок ар нерсеге жакындык,
шартыбыз жок алдууларга теңелээр.
Кесибибиз жөп-жөнөкөй акындык,
эсептешпес мансаптагы немелер.

Жолон Мамытов ушул поэмасында акындын турмушун,

мүнөз өзгөчөлүгүн санактап гана өтпөстөн, акындыкты өнөр, пир туткандардын өздөрүнө таандык, өздөрү түшүнүп-түшүнбөй турган ички дүйнөсүндөгү жан сырынын четин чыгарат. Чынында акын деген, биринчи кезекте адам. Башкаларга эмне таандык болсо ал да ошолор менен жашайт.

Биздин дагы шарап ичкен,
шаттанган
күнүбүз бар махабат деп ырдаган.
Кезибиз бар эреркеген, мактанган,
түнүбүз бар
эч ким жокто ыйлаган.
Дүйнөдөгү сан миңдеген сулуунун
ээлеп алгаң сыяктанып биз баарын.
Кумарына кабылганда сүйүүнүн
унутабыз ак чилденин ызгаарын.

Жеңил атак-даңк - акындын трагедиясы! Аны менен эч нерсеге жеталбайт. Чыныгы атак, чыныгы талант, чыныгы эмгек, чыныгы изденүүдөн гана келет. Жалган чин-даражага азгырылып, өзүнө-өзү корстон болуп, маашырлануу акындын эргүүдөгү, эркин жан дүйнөсүн тушап, талантын жипсиз бууп, жолуна бөгөт болгон кыялдар.

Адатта жаш талапкерлер, адабиятка жаңыдан аралашып келаткан жаш калемгерлер поэзияны түшүнүп-түшүнбөй, акын деген атакка азгырылп же жаштыкка мүнөздүү кыялкечтикке берилип, "өз чыгармасын" классиктердин шедевринен кем санабаган учурлар көп кездешет. Бул поэма поэзия ышкыбоздоруна жана поэзияга жеңил-желпи мамиле жасагандарга сабак болууга тийиш. Акын күндөлүгүндө өзүнө-өзү ант катары төмөнкү төрт сап эпиграмманы бекерге арнабаган чыгар.

Бул турмуштан коркок өтсө не калат?
Кылым суусу тазарта алгыс көө калат.
Арбагы да даңкка толо үйлөрдүн

Азап тартат босогосун сабалап!

Жеңил атак-даңк акыбетинде акынды "күз суусундай тартып" коерун эске салат.

Бул ой кандайча ырга салынат, ошону окуйлу.

Бизди кээде атак деген каргышың
чымчык кылып жалгыз данды чокуткан,
бир ууч даңкка бүт өмүрдүн жартысын,
сак турбасаң, бере салат кокустан.

x x x

Ошондуктан эл ичинде байкалбай
дурус окшойт бир милдетти өтөгөн.
Акынга оор, өз салмагын тарта албай
таланты арып, болуп турса көтөрөм.

Айыл адамдары түпкүлүгүнөн талантты сыйлап урмат мамиле кылышат. Алар жоомарт сый-урматын акындардан аяшпайт да, көңүлүнө жаккан ырларды жатка айтып жүрүшөт. Мындан өткөн сыймык барбы акын үчүн? Сени сыйлап, кадырлаган кишилерди шартка жараша сыйлай албайсың деп кейийт. Ыйбаа кылгансып, аны кемчилик катары сезиши гумандуулугу.

Салттуу болуп,
кыйласынан сый көрүп
айыл жакка түз айтабыз саламды.
Бирок, кээде, жалтайлайбыз ийменип
калабызда сыйлай албай аларды.
Алар жоомарт,
чын дилинен ырга ашык,
муюп угат тартып коюп чылымды.
Сени менен бир боорундай сырдашып
эстеп алып айтып жүрөт ырыңды.

Акын дээринде гумандуу, турмушка активдүү поэзиядагы адам экендиги, эл журтунун башына келген жамандыктын

баары өзүбүзгө тийсин, жакшылыгы Ата-Журтубузга тйсин деген изги тилекти туу тутуп жашап өтөрүн төмөнкү саптардан билебиз.

Бул турмуштун өйдө-ылдыйы көп болот;
далай ирет баш да оорутат кур санаа.
Чындык үчүн
жанды кыйса эп болот.
алды жакта жашаар күнүң турса да!
Акынына
эл көңүлү ийсин да
алга кетсин
деми менен жакшы ырдын.
Жакшылыгы Ата-Журтка тийсин да,
жамандыгы
бизге тийсин тагдырдын!

"Асирет" поэмасында белгилүү бир окуя, аты-жөнү бар каармандар жок. Окуяда сюжет жок. Бирок, анда жазган акындын өзү бар. Ал талантты, анын милдетин, адамдык ордун, ак дил, аруу сезим менен таза баалап турат. Кыскасы, адабияттын негизги проблемасы болгон "акын жана анын мүнөзүн" терең, ар тараптуу көркөм жалпылоо бар.

Жогорудагы сөзгө алынган "Асирет" менен бир мезгилде жаралган акындын Кыргызстан жаштар сыйлыгынын лауреаттыгына татыктуу болгон чыгармаларынын бири - бул "Башат жана мухит" поэмасы. Жолон Мамытов көзү өтөөрдөн мурдараак тандалган чыгармалар жыйнагын басмага даярдап, аны ушул поэмасынын аты менен атап, бирок өзү көрбөй кеткен китептин аталышы бекеринен ушундайча аталбаса керек. Анткени, жыйнакты аты затына жарашкан мыкты чыгармалары түзгөн. Чыгарманын сюжеттик өзөгүндө акындардын пири Акын-Бабанын тагдыры, "замандар түпкүрүнөн, кылымдар чордонунан" келаткан

акындык өнөрдүн вазыйпасы жана өрнөгү ырга салынат.

Илгери-илгери бир өткөн заманда эл арасында аты кеңири белгилүү акын жашаптыр. Анын ырларын эл сүйүп окушчу экен. Акындын атагы хандын кулагына жетип, "өз ырын сынатмакка, колдоосуна жетмекке" ордосуна алдырат. Хандын ырларын окуп көрүп:

"-Жүрөгү сокур адам
жазыптыр бул ырларды!"[2] дейт.

Хан мыйыгынан күлүп, далайга тиктеп туруп, кекээрлеп, эркин сындырмакка, жүрөгүн баш ийдирмекке вазирине мындай деп буйрук берет.

"-Жар салгын жамы журтка,
курулуш башташсын.
А муну эшек менен
сепилге таш ташыткын!"

Акын күндөн-түндөп таш ташып, өңдөн азат, кордук көрөт, шордуу тагдырынын жазмышынан азап чегет. Акыры көпчүлүктүн күчү менен калаага сепил да бүтөт.

Кайрадан хан акынды ырларын сынатмакка өзүнө чакырат. Бул жолу да өзүн алдай албай, өзүнө чыккынчылык кыла албай, мурунку сөзүн кайталайт: "-Жүрөгү сокур адам жазыптыр бул ырларды!"

Хандын каары кайнап, ызасына чыдабай, "менин сепилимде акындарга орун жок" деп, акыры өкүмүн минтип чыгарат.

"Ким мунун ырын айтса
аессуз башын алам.
А өзүн айдагыла
ээн талаа, эрме чөлгө,
кулагым атын укпа,
турпатын көзүм көрбө!"

Элинен, жеринен безген акын ээн талаа, эрме чөлдө жалгыз жашап, ырларын жаза берди, жаза берди.... Турмуштун өзөгүндөгү ойду ырга салды. Жашоо, өмүрдүн

маңыз-маанисин чакты. Сөздүн кенин, ойдун көлүн казды..

Чубуртуп ысык жашты
ырларын желге чачты.
Ал ырлар сепил ашып
элине жетип жатты....

Ошентип, акынга өз тагдырынан ырдын тагдыры кымбатка турду. "Поэзия-акындын тагдыры" дегенди ырастап, биротоло өзүнө энчиледи. Таш тийген жазмышынан мокоп-чүнчүп, басырынып-багынбастан, кайра чыйралып-курчуп Турмуш менен бетме-бет тирешип күрөштү.

Өз күрөш жолунан тайбаган акындын өмүрү өттү, чачын бубак басты, мезгилдин өктөмдүгүнө баш ийип, турмушка собол салып, сабагын айтты. Акын менен Турмуштун диалогу, кайым айтышуусу "Сепил түбүндөгү маек" деген чакан темада таасын берилген.

-Тык... тык....тык
Эй турмуш! Ач каалгаңды
Акындын да өз орду бар
сен жамынган бул асмандын алдында.
Адамдарга анын арнап
айта турган сөзү бар,

Сөз убагында айтылбаса "ойчулдуктан акылман оорул, даанышмандын сабыры сузданып, адам уулу унчукпас мүнөз күтүп, өкүмдар "кылдан кыйкым" издеп, балдар жер карама, тартынчаак болуп өсүшөт, бак-дарактардын мөмөсү майдаланып, бутагы-сабагы морт болот, көзгө туткан эч нерсеси жок, дүйнө ажарынан аза түшөт" деп безеленди акын. "Учурунда айтылбаса сөз атасы өлөт" деген накыл кептегидей, сөздүн күчү менен дарылагысы келди... Бирок, турмуш каалганын дарбазасынан шылдыңдай карап, өктөм сүйлөйт:

-Ок, акын, өзүңдү өйдө чалба мында,
сенсиз да баш айланткан уу-чуу мында,
бакыттын бал чөйчөгү толо дагы,

азаптын таш казаны мелт-калт дагы,
жоктору бар колуна карайт мында,
маалында өмүрүң да тыйын мында,[3]

Автор бул чыгармасын жөнөкөй тил менен эркин жазган. Айрыкча "мында", "дагы" деген эпифораны ийкемдүү колдонгону жогорку үзүндүдө байкалып турат. "Азаптын таш казаны мелт-калт" демекчи, турмуштун ак-карасы учурунда иргелбесе, акыйкаттык жоголуп, адилетсиздик чектен чыгып, "өмүрдөн бир тиштем нан кымбатка туруп калат". Ошон үчүн сөздү кесип туткандар, акындар, аалымдар менен даанышмандар "ак сөзүңөрдү айткыла" деген идея кыйытылат.

Турмуштун өзүнүн жазылбаган мыйзамдары бар, стихиялуу мүнөзгө ээ. Жакшы-жаманды да көтөрөт, акыр-чикирге аралашып, баарын боюна батырганы менен тазаланууга, аруулукка куштар. Ошондуктан турмуштун ээси Адам баласы жаратуучу, түзүүчү кудуретке эгедер. Жатып-ичип, кыйратып-бузуп, керт башынын кызыкчылыгы үчүн керектөөчүгө айланбай, жашоо менен күрөшүп, ыйманын тазартып, пейилин оңдоп, инсандык вазыйпасын келечек муундун алдында татыктуу өтөө парзы турат эмеспи. Анда контекстке кайрылалы...

Турмуш куйтуңдап, акынды дегеле жолотку су келбейт:

мени эмне, тепсегени турасыңбы,
кирчүдөй бакыт жүктөп, эй, жүткүнбө!
кет ары, каралабай астанада!

Сөз тагдырын өз тагдырынан өйдө көргөн, сөздү баккан инсан сөздөн калмакпы..

-Жок кетпейм.
Кайда кетем?
Билгиң келсе
мен сенин жүрөгүңмүн жапан турмуш!
Эмине, жүрөгүңдү чанасыңбы?

"Мен сенин үмүтүңмүн, үмүтсүз жашоо-бул ылай даам

мен сенин кыялыңмын, кыялсыз марага жетпейсиң, мен сенин сүйүүңмүн, сүйүүсүз турмуш барбы" деп өзүн таанытып, таназар алдырып, "сенин таштандыңдан түбөлүк өчпөс сезим жаратаарын" бетке айтат. Турмуш акындын сөзүнө абай салып: "көп мезгил укпаган сөз, кандайдыр сагынткан сөз"... деп ынанууга аргасыз болот. Бирок, анын жүдөгөн кебетесин көрүп, келекелеп, шылдыңдайт.

Бутуңдун башын кара,
башыбы ташбаканын
тетигил башбармагың?
Ха-ха-ха!
Дагы мага жүрөк имиш,
үмүт имиш үбөлөңгүр,
кыял имиш кыйрап калгыр,
сүйүү имиш сүксөйүп
антип ооз көптүргөнчө
ырысым түгөнгөн бир
шордуумун дебейсиңби![4]

Акын-Баба көр оокаттын азгырыгынан, пендечиликтин кумарынан баш тартып, ырдын кудуретине багынып, поэзиянын мухитин жаратып, өлбөстүгүн даңазалап жүрүп, ач-жылаңаяк калганына да кайыл эле..... Ырынын башаты кандай таза, тунук болсо, мухитке жеткенче ошонусунан жазбады. Хандын буйругу менен ээн талаа, эрме чөлдө азаптуу өмүр өткөрсө да, экинчи өмүрү-ырынын тагдыры өлгөн жок, эркиндикти, жашоо-өмүрдү, акыйкатты сүйгөнү, даңазалаганы менен эл арасында жашап калды. Мунун айкын бир мисалына татар эл акыны Муса Жалилдин өмүрү күбө. Моабит түрмөсүндө жазылган "Моабит дептериндеги" ырлар не деген керемет эле. Дүйнөгө атагы таанылган классиктер Гете менен Гейненин, Бах менен Бетховендин мекени Германиянын Шпандау түрмөсүндө Улуу Ата Мекендик согушта фашисттерге туткун болуп, өзүн өлүм күтөөрүн кайдан билген?... "Гитлерге каршы кутум уюштурган" деген

саясий айып тагылган акын саат сайын эмес, (күнүнө 17 туткун өлүмгө өкүм кылынган эмеспи) мүнөт сайын мойнунан желкелеген өлүмдү күтүп отуруп, эркиндикти, жашоону, элди-жерди, Мекенди сүйгөн учкул канат ырларын жазган. Ал ырлары Моабит түрмөсүнүн бозомук, жүрөк титиреткен, бийик-бийик кыш дубалдарын ашып элине жетип турган.

...Я вижу зарю над колючим забором,
Я жив, и поэзия не умерла:
Пламенем ненависти исходит
Раненое сердце орла

x x x

Только одна у меня надежда:
Будет август. Во мгле ночной
Гнев мой к врагу и любовь к отчизне
Выйдут из плена вместе со мной.[5]

Муса Жалил "Прости, Родина!"

Июль.1942г.

Турмуштун шылдыңына чычалап, кызаңдабастан муздак кандуулук, токтоо, сабырдуулук менен ар-намысын ойготууга аракеттенди.

-Бул сөздөр
төл сөздөрүң эмес, Турмуш!
Сен качан мындай таш боор болуп калдың?
Кайдан сен кежир болуп калдың мынча?
Кир-коогу сан кылымдын каның менен
карачы, сүзүп жүрөт жыргап эркин.

"Сенин текебер мүнөзүң, адал-арам, шор-жиниң аралашкан кебетең менен өзүңдү-өзүң муунтасың. Эсиңе кел, алды-артыңды кара, калыстыктан тайба. Аруулукка ач эшигиңди, бир желдеп, тазарып-агарып алсын" деп жаңшанат. Турмуш акындын айткандары айныгыс чындык экенин сезип-билип турса да, кара күчкө каткырып, моюн сунгусу келбейт.

Сенин оюңа койсобу

айткан сөзүң эшитип,
минги кылып алгың келет жоошутуп.
Кечирип кой!
куулангандың дайын мага,
күчүң оңой жетпейт мага!

Бийлигине, атак-даңкына ишенип, каалаганын жасап, "кой дээр кожосу жок" тайраңдап, куулук-шумдуктуу айла-амалдуулугуна менменсинип, ("беш кол тең эмес" демекчи, турмуш-бул адамдардын жашоосун чагылдырган күзгү да. Кеп ушунда.) каалаганыңда жаса деп, өзүнүн "сыйкырына" маалкатып, чындыктын көзүн тике кароодон, эсептешүүдөн жаа бою качып жатпайбы...

Ызага, кордукка көнүп бүткөн, (максатка жетүү кандай кыйын) кыйынчылыктан чыйралып, коргошундай уюган, эрктүүлүк сапаттары менен дүйнөнү (турмушту) багындыргысы келген акындын ого бетер курчуганын төмөнкү диалогу тастыктайт.


-Жаныңмын жапан турмуш,
акырет күндөрдө да
мен тирүү кала берем.
арчындап убакытты
айланып уча берем.

x x x

Мейли ачпа каалгаңды,
табасың сезимиңден
сен мени каалаганда
Дилиңде жашай берем
а өзүм каалганын
сыртында калган менен,

Акыркы диалогдо Турмуш өкүмдардан "келатабы? деп коркуп, акыр түбү акындын сөзүнүн күчүнө ынангансып "өлбөс ой жаратуучу зоотуңа алып кетип тургунуң...." деп кийирбей, каалганы бекитип алат.

Акын дагы "талаадагы таш балбалдай" жалгыз калат. Ички



жан-дүйнөсүндөгү уйгу-туйгу, дүрбөлөң жанын жай алдырбай, тынчытпаганын төмөнкү лирикалык чегинүүдөн ачык байкайбыз.

Мен акак-терең чөккөн
издейсиң маалында
өзүмдү чумкуп көпкө.
Сүйөмүн сени Турмуш,
Жерибейм сени Турмуш!
Эски кан тээп чыгып
денеңди каптап жара
табылбай калган кезде
ал дартка эч бир чара,
жаңы кан үрөйм сага!

Поэманын концовкасы Акын-Бабанын тагдыры, өрнөгү акынмын дегендерге сабак болууга тийиш деген жыйынтык менен бүтөт. Ыр жолунда "каректи канатып, буттарды талдырып" мухитке жетүү парз деген ой жатат.

Ырды пул, сөздү мансап дегендерди,
колжойтуп сенин пириң сабап салсын.

Поэмада татаалдашкан сюжет деле жок. Композициялык курулушу жөнөкөй, "бакыттын бал чөйчөгү", "азаптын таш казаны", "үмүтсүз жашоо даамы - ылай даам", сыяктуу метафоралык эпитеттерди, 137-беттеги "чебелен, чычаңда, тепкилен, даңкылда" деген сөздөрдөн ассонанс түзүп, уйкаштыктардын бир нече түрлөрүн колдонуп жеңил жазган. Акын-Бабанын мүнөзүн, табиятын, личность катары ачкан эпизоддор ишенимдүү. Турмуш экөөнүн диалогу кынтыксыз ынанымдуу, патриоттук духу жагымдуу. Ички толгонууга, лирикалык чегинүүгө, философиялык ой-чабыттарга бай.

# Глава IV.

## "Жанар менен Олокон"

Жолон Мамытовдун "Жанар менен Олокон" (1978-жылы жазылган) жомок-поэмасы жети чакан темадан турат. Жомоктун башталышына мүнөздүү белгилерден айырмаланып, киришүү ырындагы мына мындай:

Акындын жолу туман...
Ташкындап ойлор-кыян
жаратаар же чоң дастан,
же тартаар дагы зыян.
Баары бир антсе да
киришүү керек ырга!

деген автордук чегинүүдө жомок-баяндын жазылышы чыгармачылык эргүүнүн түркүн абалына байланышаарын "мээнети балким кайтат" же "жаратпай жыртып салаар..." мүмкүн "башына бак да конот", "көз май, сыя ысырап болгону менен аруулук, эмоция турмушта жашай берет", кантсе да ырга киришүү керек деп, утуру-утуру өзүн-өзү сүрөп отурат.

...Кайсы бир өткөн заманда жин-шайтандар арбын болгон экен. Эченди алдап-арбап, далай журттун бактысын жалмап, тукуму өсүп, жер жүзүндө жайнап кетишиптир. Четинен үзүп-жулкуп бүтүн журт коюшпаптыр... Ошону ойлогондо, жүрөк болкулдап, дене диртилдейт. Элди эр жүрөк эчен баатырлар коргоп, адам тукумун бүт кырдырбай, аман алып калбаганда, биздин болоорубузду ким билет?

Бул саптар жомоктогу окуянын (чын-төгүнү көмүскөдө,

ошон үчүн жомок да) олуттуулугуна басым коюп, окуучуну психологиялык жактан даярдап, кызыктырып, башкы каарман жөнүндө алдын-ала кабар айтат. Демек, ал элдик баатыр. Ошондой баатырлардын эрдигинен ушул күнгө насиптеш болуп оптурбайбызбы деп шүгүрчүлүк келтирет.

...Ошондой бир заманда
аскар тоо арасында
дарыя салаасында
жашаптыр бир жаш баатыр
оң кары жамаатында![1]

Жаш баатырдын жалгыз карындашы капыстан жоголот. Карт эненин көз жашы сел болот, кан болот. Жигиттин бул кырсыкка башы маң. Аргымагы токулуу, саадак-жаасы илинүү турганы менен карындашын кайдан издейт? Кайсы жол, кайсы ашуу алпарат? "Душман-касымды кантип табам" деп башы катат, канткен менен карындашын куткаруу керек деп чечет.

Атын такалап, журтунан бата алат. Зоот-о погун киет, кылычын кынына катып, жолго камынат. Калың журттун даанышманы, Улукман азиз ата жигитке мындай деп акыл-кеңешин айтат.

- Уулум, алдыдагы сапарыңда опуртал иштер арбын. Мына бул дарыяны өйдөлөп, өргө салсаң, отуз күн жол жүргөндө ойроттун тоосунун алдындагы кемпир-чалдын үйүнө жетесиң. Бир бооруңдун кабарын билсе, ошолор билет. Ошол үйдүн Жанар деген кызы бар. Анын бир өнөрү жин-шайтандын тилин билгенинен дөөлөрдүн үңкүрүнө жашынан каттап жүрөт. Кызматын кылып, карыган ата-энесин алда кандай кырсыктан сактап жүрөт, - дейт.

Поэма-жомоктогу "отуз күн, жалгыз чал-кемпир, жалгыз кыз, жин-шайтандар жөнүндөгү сырдуу кабардын белгисиз түйүнү" сыяктуу нерселер жомоктун сюжетине мүнөздүү мотив, көндүм ыкма болсо, Улукман азиз атанын

кеңеши "караңгыда көз тапкан, кыйчалышта сөз тапкан" карыакылмандарга элдин симпатиясы, улуттук мүнөз-пейилдин, даанышмандыктын жана адеп-намысынын сапаттык белгисинин чагылдырылышы деп түшүнөбүз.

Ошентип, Олокон жолго чыгат "Олокон жок издеп жолдо" деген чакан теманы акын айрыкча эргүү менен берилип жазган. Кабарсыз бир бооруун катуу ойлоп, Олокон дарыя бойлоп келатты... Кечээ эле эркинче ойноп, илбээсиндерге аң уулап, шатыра-шатман жаштыктын тоюн тойлоп жүргөн эле. Бүгүн минтип кайгыда жүрөт. "Тагдырды болжоп болбос, душманды табуу керек, башка жол жок" деп тагдырына баш ийип, чыйралып келет.

Алкынган арымагы менен алты күн дегенде, мөңгүлүү тоодон ашып, төмөн жагын караса, өжөр дайра дарада агып жатат... Келиңиз, Олокондун жолдо келаткандагы ширелүү эпизодун чыгармадан окуп алалычы.

Он беш күн деген кезде
көгөргөн көлгө жетти.
Бир өрүүп көл жээгине
кайрадан жүрүп кетти.
Жыйырма күн дегенде
жылганы өрдөп кирди
жешилип ат такасы,
көбүктөп тердеп кирди!

"Жол азабы, көр азабы" демекчи, өңдөн азат, таманын таш тилет, жаш баатыр сапарынын катаалын билет. Олокондун жан-дүйнөсүндөгү ички толгонуусу-кабатырланышы, сарсанаага батышы, эркинин сыналышы кадимки жомоктон өзгөчөлөнүп, психологиялык жагдайга ээ болот. "Атым каржалып, өзүм карып болдум, канткенде тике барып, жиншайтанга беттешем? Табамбы бир боорумду, күлөмбү кабак жарып же сөөгүм сөпөт болобу тагдыр тарып?..." деген саптар буга күбө.

Ошентип, ойго тунуп, жаштык кайратына салып, жолун

улай берет. Отуз күн, отуз түн дегенде, кызыл асканын түбүнө жетет. Негедир өзүнө-өзү ишенбей кетет. Албетте, каржалып, арып-чарчап, алыс, кыйын жол жүргөндөн кийинки мындай абал табыйгый көрүнүш. Түндүктөн түтүн чууруп, каңылжар өрдөп тамактын жыты келет. Жигит шарт салам айтып кирип барууну ойлойт да, Улукман азиз атанын сөзүн эстеп, кайра тартат. Көккө атын агыт п, шиберге оонап, топ бадал арасында үйдү аңдып жатат...

Канча бир мезгилден кийин түндүк түтүн бүркпөй, теребел көөшүп, караңгылык каптайт. А үйдөн бир жан чыкпайт, эшик деле ачылбайт. Бул табышмак жигитти эзип, "ушунча сапар кезип, үй аңдууга келдимби?" деп намыстанат. Аңгыча асман жактан бир алаамат үн чыгат.

Акетай, бир балекет
боз үйгө учуп барат,
болсочу анда куйрук,
же болсо кана канат,
четинде калагы бар
кадимки илеген табак.
Боз үйдөн кыз чыгат да
табакка буюм салат,
шумдук куш ошол замат
чү коет тоону карап...

Мындай шумдукка жигит түшүнө албай башы катып, заматтагы кара күчтүн алдында өзүнүн алсыздыгын, "ушунча кең ааламдагы орду жок жалгыздыгын сезип, не деген күнгө калган карындашым" деп көзүнө жаш кылгырып, демек, шашуу керек"- деген бүтүмгө келет. Кандайдыр бир сезимден чыйралып, алдыдагы кооптуу күрөшкө даярданат.

Олокон колго чылбырын кармап, боз үйгө жакындайт да, үн катты:

"Ким бар мында?
Адамбы, жин-шайтанбы?
Ким болсоң чыккын сыртка,

беттешпей мен кайтамбы?
Эгерде адам болсоң
мен карып жол сураган,
эгерде шайтан болсоң
мен баатыр жан сураган
башына мүшкүл түшүп
канына кан сураган.

Бир убакта картаң чал баш багып, эшикти өйдө түрөт, жигит тартына салам айтып, үйгө кирет. Кайрадан кемегеде алоолоп арча күйөт. Кыз ашканада казан-табагын жууп жүрөт. Негедир боз үйдүн ичи сырдуу көрүнөт. Тери тонго оронуп кемпир четте жатат. Жигиттин саламына үлдүрөп араң жооп берет. Ооруп жатканбы, арыктап кетиптир, же туткунда калгандын күнү кор да....

- Ии, уулум, сүйлөй отур, сапардан келаткан түрүң бар - деп, чал собол салат.

Жигит башындагы мүшкүлүн калтырбай айтып берет. Айтып бүтүп, кыз тарапка бурулуп караганда, "ай чыккан сыяктанып, көздөрү кошмок күндөй жаркырап", биздин баатырды эстен тандырат. Чыгарманын сюжети калыпка салгандай ырааттуу өнүккөндүктөн, автор майда-барат элементтерге да маани берет. Каармандын жомоктогудай сулуу перини кездештириши, жигиттин эс-акылын жоготкондой эстен танышы, сөзүнөн адашып тилден калышы, бир топко чейин өзүн жоготуп коюшун деталдаштырып сүрөттөйт.

Баатыр жоголгон карындашын ойлоп, өзүн колго алат. Кыздан көзүн шарт буруп алат да, чалга келгендеги максатын айтат. Ошондо кыздын колунан "тарак" идиши түшүп кетет. Бул карындашы жөнүндөгү кабардын белгиси эле. Муну автор чебердик менен ойлоп тапкан. Кыз "тарагын" шып ала коюп, жигитти "жалт" караса, "баягы кош күн ансайын катуу жанат". Ушул саптарды автордун өзү айтсынчы...

Ал кезин көргөн адам

кайдыгер кантип калат
балкыган бал сүйүүдөн
көңүлгө тагат жараат,
Жанардай жары болсо
ар кимдин атаганат!

Мындагы гипербола Жанардын ашкере сулуулугун, акыл-эсти адаштырган жамалын даңазалайт. Кыз менен жигиттин абалын айттырбай түшүнгөн чал мындай кеңеш берет: "Максатчан баратканда сезимге алаксыба. Дөө-шаанын жайын билгиң келсе, алар Эне-Жердин адамы эмес. Каалаеа келет, каалабаса кетет. Алардын үңкүрүндө жүздөгөн киши күнү-түнү таш казат. Асмандагы темир куштун келгенине көп болду. Тоо башына конордо кыйласы өлөт, аларды ардак менен көмөт. Башында тегерете көзү бар, манжасы жыйырмадан, өздөрү өтө чебер майдалап куу жыгачты, таттуу тамак жасашат. Күңгүрөнүп сүйлөшүшөт, ак ичип күн көрүшөт. Илеген табагына отуруп алып, жалгыз жүргөндөрдү уурдап келип, үңкүрдө иштетишет. Сурьма, сымап эритип, анысын темир куштун ичине катат. Эч бир жанды качырбай, көзөмөлдөп турат. Биздин үйдөн айран-жуурат алышат. Алар жебе тартып, беттешер жоо эмес. Калганын Жанардан сура..."

Демек, булар башка планетадагы НЛОбу?...

Акыркы мезгилде адамдардын бүйрөсүн кызытып, жер бетине тийип качып, кез-кез көрүнө калып жаткан "табышмактуу адамдар". Жолон Мамытов буларды чыгармасында кейипкер катары элестүү, илимий негиздерге таянып ишенимдүү бербестен, жомоктун кейипкери катары үстүртөн сүрөттөшү, табияттын сырларын өздөштүрүүгө кызыктырганы, жаратылыштагы сырдуу, кара күчтөрдүн алдындагы адам баласынын алсыздыгын, бейчарасыздыгын көрсөткүсү келген. Ошону менен бирге окурманда түшүнүксүз суроо пайда кылат. Адамча сүйлөбөсө, бирок адамдай сымап-сурьма эриткендери кандай? Же

мифологиялык апыртманын касиетине таандык катары караганыбыз оңбу?...

Боз үйдөгү очоктун тезеги өчпөй, кыпкызыл ташка айланышы (Олокондун сүйүүгө кезиккендеги абалы) каармандын ички сезим- туйгусун троптун негизги түрү метафора аркылуу туюндуруп берген.

Жанар жигиттин ишенип-ишенбей, таңыркаганын сезип, алар жөнүндө кененирээк айтып берет.

Жылдыздан келгендердин
кыздарды уурдаганы,
биздеги оюн-зооокту
аябай сыйлаганы,
Болсо да бөлөк дили
эч жанга тийбейт тили
жаркырап чырагдандар
үңкүрдө күйөт түнү
ырдалып не бир ырлар
бийленет кыздар бийи
Куунак, шат селкилердин
ал үңкүр экинчи үйү..[3]

"Жигитке кырк өнөр аздык кылат" дешет, ошол үңкүргө барып, өнөр үйрөнүп келиңиз, элиңизге пайдасы тийет. Темир-Кушту оңдошсо, алар бизди калтырып кетишет. Кызыл өң, буудай жүздүү Мактым карындашыңыз ошерде" дейт.

"Жер түбүндөгү жети ай" деген темада Олокондун жер астындагы кенде иштеген жети айы сүрөттөлөт. Кен казган аны алп кушка жүктөгөндү үйрөнөт. Ташты жууруп, ийгенди бүктөгөндү өздөштүрөт. Күн сайын бир боор карындашы менен жолугуп сүйлөшүп, чер жазышат. Ошентсе да туткундун иши туткундай, эркиндикти самап, ичтен түтө күңгүрөйт. "Туттугуп зил болоордо, санаасын ыр-бий басат...

Олокон Жанарды эстеп, ичинен сызып, кез келишс "оозунан от чыккансып" чок-жалынга толот. Элесин өң түшүнөн кетирбей, сагынып-санааркайт. Ошентип жүргөнд

негедир Жанардын далай күндөр дайыны билинбей кетет. Жигит буга түшүнбөй, телмирип ой басат. Көрсө, Жанардын ата-энеси ааламдан өттү деген кабар келет. Олокон кенди таштап, Жанарга барып, карылардын сөөгүн ызаттап жерге коюшат.

Андан аркы жомок-поэмадагы сюжеттин чечилиши традициялуу мотивке ээ. Кылдыздыктагылар кен казган "туткундарга" алкыш айтып, "иштеген ишиңердин маянасы" деп дилдени бөлүп берет. Оор капка ачылып, жайнаган алтын акчаны чөнтөгүнө толтурушат. Кубанычы койнуна батпай, байып калышат.

Автор ошол тойду Пушкинче эргүү менен минтип сүрөттөйт.

Союлуп бөкөн аркар,
той болду үйгө таркар
Тамактын түрлөрүнө
таң калып башты чайкаар.
Ал тойдо болбой калган
тагдырга наалат айтаар.

Темир-Куштун үңкүрүнөн бошонгон эки жаштын кийинки тагдыры окурманды кызыктырбай койбойт.

Жанар Жылдыздыкка кетүү жөнүндө көптөн бери кыялданып, санаасы тынбай, саякат кезип жүргөн...
Ал чечкиндүү кыз, айтканынан кайтпаган өжөр мүнөзү бар. Аалам сырларын үйрөнмөккө дилгирленип алган.

Жанарда жок бир сөздү
артына кайра чечмей,
жиреген дарыядан
артына кайра кечмей,
конуштан жаңы барган
артына кайра көчмөй
ойлогон мунун баарын
көп түндөр чырагы өчпөй..[4]

Мактым өз эли-жерине, ата-энесине тезирээк жетсем

дегенде эки көзү төрт. Ал эми Олокон эки ойдун ортосунда көпкө кыйналат. Кыялы менен чабыттап, сүйгөнүнө жетип, үмүтү канат байласа, бир туруп тилеги кыйрап, ата-энесин кыя албай, тууган элине, эне-жерге кош айталбай санааркайт. Акыры жигитти сүйүү жеңет. Жанар менен түбөлүккө кол кармашып, жашоого жылдыздар ааламына кетишет...

Келдиби, келбедиби
эки жаш кайра жерге,
издесек ал жөнүндө
калбаптыр баян элде...

Жомок-поэманын идеялык-көркөмдүк жана тарбиялык мааниси тереңде. Чыгарманын мазмун-маанисине жаңыча түс, жаңыча ой берүүгө белсенген автор мезгилдин жаңы көз-карашы, түшүнүктөрү менен жомок дүйнөсүн байытууга, табиятын өзгөртүүгө аракет жасаган. Бирок, ал төгөрөгү төп келген мыкты жомоктун үлгүсүн жарата албаган.

Негизги сюжети жомоктогудай болгонуна карабастан, карындашын издеп чыгып, өз сүйүүсүнө жолуккан жигиттин убадага бекемдиги, жаңылыкты (өнөрдү) үйрөнүүгө дилгирлиги, боорукер, өз максатына жетүү үчүн ар кандай кыйынчылыкка, тагдырдын мүшкүлүнө чыдамкайлыгы менен жаш муундарга өрнөк боло алат. Окуянын өнүп-өөрчүшү, түйүндөлүшү жана чечилиши фольклордук мотивдин үлгүсүнөн алыстай албаса да, башкы каарманынын жан дүйнөсүнүн психологиялык абалын, мүнөзүн жекече планда ачып бериши алгылыктуу.

Киришүү ыры менен соңку жыйынтыкта автордун лирикалык чегинүүсү белгилүү өлчөмдө окурмандын кунт-кызыгуусун ойготуп, кандай чечимге келерин өзүнө коет.

# ГЛАВА V.

## *Олоңбайыр - элдик образ.*

Жолон Мамытовдун эпикалык чыгармаларынын ичинен эң көлөмдүүсү "Олоңбайыр" аттуу драмалуу легенда - баяны. Бул чыгарма сахнага ылайыкталып, 1984-85 - жылдары жазылган, төрт бөлүмдөн турат. "Жүз жашка тол, кылым" (Фрунзе: "Кыргызстан", 1987.) деген жыйнагында жарык көргөн. Автордун баяны, хор жана персонаждардын монологу аркылуу сюжет өнүгө берет.

Драманын эпилогунда автор лирикалык чегинүү жасайт, "окуяга, сырга бай, эл турмушун ырга салуу акын үчүн парз, анын чын-төгүнүн окурман иргейт" деп, алдыда айтылаар сөз болмуш же мезгилдер аралыгында легендага айланып кеткен чындык экендигине кепилдикке өтө албастыгына астыртан ишаара билдирет.

Командировкада жүргөндө таластык бир карыядан угуп, аябай толкунданганын эскерет автор үй архивинде.

Кең Таластын жеринде кыргыздын башына оор мүшкүл түшкөн кез болуптур. Аны автор мындайча билдирет:

… Сүрөй берип убакыттын тездиги,
Мокоп, сынып колундагы кестиги,
Кында жатып кылычтарын дат басып,
Кыргыздын да келген мүшкүл мезгили.[1]

Калмактын ханы Коңтаажынын үч небереси Чоңуул, Ортуул, Кичуулдун заманы өкүм сүрүп, толук элин баш көтөртпөй басып, бар тапкан амал-айласын колдонуп, жеткен



зомбулук бийлигин жүргүзүп турган.

Кезегинде Коңтаажыны кокодон,
Алган эр жок. Калк муңкүрөп мокогон,
Элдир-селдир күн сүрүшүп бир гана
Төрт түлүктүн туягынан, сокодон.

Бирок, эл деген эл, кандай кыйын күндө калса да, баары бир эртеңинен үмүт үзбөй . Ал ачуу - таттууну да көтөрөт. Чечүүчү мааниге ээ болгон эң эле башкы көздөгөнү- тагдырына кез келген, көкүрөгүнө уялаган бир учурду- эркиндиктин келишин эңсеп күтөт. Кыргыздын ата-бабасынын конушу баскынчыларга тебеленип, кейиштүү абалда калганда "бир керемет" (демек, элдин арзып эңсегени) жол табылат.

Айырмасыз асмандагы жылдыздан,
Олоңбайыр чыккан дешет кыргыздан.
Нур-чырайы күндүн көркүн талашкан,
Олоңбайыр чыккан дешет Таластан...

Драманын накта өзөгүн түзүп, негизги жүк көтөргөн кейипкер, дал ошол башкы персонаждын айланасында окуя өнүгүп, башында - аягында бир "жарк" этип, Олоңбайырдын көрүнө калышы кадимки элдик мотив. Элдин арзып күткөнү тилек-үмүтүнө, умтулган идеалына, фантазиясына жараша сырдуу берилип жатпайбы.

Биринчи бөлүм таңда күндү мактаган хор менен ачылат. Хордон элдин көтөрүңкү үнү, көпчүлүктүн ыры угулат.

Махтал сага
Түбөлүк махтал!
Оо, Теңирот!
Оо, Алпалоо!
Оо, Зоржалын!
Оо, Ыйыктап!

Махтал - якут сөзү, даңктоо, ода дегенди билдирет. Бүт

тирүүлүккө жарыгын чачып, жан киргизип турган Күндү мындай шарттуу атоо (Теңирот, Алпалоо, Зоржалын, Ыйыктап) белгилүү өлчөмдө илгертен отко сыйынып келген элдин ыйык атрибуттарынан экендиги белгилүү эмеспи. Албетте, мындай көрүнүш, күндү ардактаган мындай жылуу мамиле эл тагдырын алаканына салып ойноп жаткан Чоңуулханга кантип жагат. Ошол үчүн:

Кашында ханы турса,
Күнүн мактайт.
Башында күнү турса,
Түнүн мактайт, - деп катуу каарданат.

Чоң атасы Коңтаажынын:

Башка элди багындырам десең
Кыздарын аялдыкка ал.
Болумушу менен жомогун унуттур.
Элди өз аты менен чакырба.
Иштет. Эз,
Баш ийбегенинин башын ал

деген сөзүн туу тутат. Баскынчынын мындан башка кылары не?

Зордук-зомбулук, коркутуу-үркүтүү менен эл башкарып, бийлик сактайт. Анын бирден-бир максаты ушул. Ар кандай өкүмдардын жүргүзгөн саясаты өз бийлигин бекемдөө болот. Ал үчүн ар кандай арам ишке барууга даяр. Чоңуулхан ашкан кошоматчы, жеке кызыкчылыгы үчүн эмнеге болсо да бара берчү, акылы жеткен айласын таап, Арынбекке Чалкарбектин көзүн тазалоону буюрат.

Карабуура жээгинен
Кадимки Чачыла сулуу кезикти.
Аялдын асылзаадасы экен,
Көркүнө көңүлүм түшүп
Көкүрөк көзүктү.

Эпикалык чыгармаларда кезигип жүргөндөй, сулуу кыз,

мыкты күлүк ат, бөтөн жерге буту тийген душмандын биринчи көздөгөнү, максаты ошолорду олжолоп алуу болот. Чоңуулхан негизги буйругун берип, максатын ишке ашырууга тымызын камынып, ичтен күтүп жүрөт. Жакшы кабар уккусу келип, өзүнчө чыдамы кетип жүрөт. Бир нече күндөн кийин кандайдыр бир Думана пайда болот.

Элдин симпатиясы Думанага илгертен болуп келген. Чыгыштын улуу календерлерин да думана деп эсептешкен. Жер кезип, эл кыдырып, табышмактуу окуялардын сырын ачкан билерман, акылман катарында алардын өз орду, аткарган милдети болгон. Ошол думананын диалогун окуп көрөлүчү:

Бир жылт эткен учкунду
Өмүр дедиң, адамзат.
Бир зырп эткен туйгуну
Көңүл дедиң, адамзат.

Жалпы адамзатка туюнтулуп жаткан соң, үстүртөн айтылбай, ички кайрыктары бышып, ийге келтирилсе, кейипкер өз атына жооп бермек. Балким, Чоңуулхандын жашыруун ишинен шыбышпы, белги иретинде айтылгандай туюлат. Окуянын ички логикасы башынан-аяк Думананын сөзү менен байланыштырылат.

Эй, думана
Теңиротту атынан айтпа,
Жаның кыйылат!

Эй, думана
Адамзатты алакчы дебе
Жашооң тыйылат.

Думана Чоңуулхандын буйругу менен аткарылган Арынбектин кылмышын элге жарыя кылат. Ал таанып кетет.

Чалкарбекти ат тепти, "өлүгү суугa кетти" деп жанын жейт. Чоңуулхан хандыкка кылган эмгегине деп шылтоолоп, Чалкарбектин кара ашына үйүр жылкы айдатып, тогуздап мал түрүнөн байлатып, шаан-шөкөт менен көмдүрөт. Анчалык күйүмдүү болушу бекеринен эмес. Айлакердигинен кылмышты Арынбектин колу менен жасатып, "Эрдин кашы эле, бир түмөн колдун башы эле! " деп, эл көзүнө адамсынып жатпайбы.

Сексен күндөн кийин Чачыла сулууну ордого алдырат. Думананын Чоңуулхандын жаны жөнүндө алдын-ала табышмактатып, айтканына баам салалычы:

Тал - кайыңдуу топ бадал,
Топ бадалдын башына
Толуп алган топ чымчык.
Ошол ченде дүпүйөт
Дүйүм өскөн карт терек.

x x x

Асман челген ак терек,
Ак теректин башында
Куркулдайдын уясы,
Ал уянын ичинде
Алтын курбу кутуча,
Кутучанын ичинде

Кансыз - сөлсүз ак чаян,
Ак чаяндын куйругу
Сенин жаның Чоңуулхан!
Мен ошого жөнөдүм.
Тартсам дагы убара.
Мен сөз жебес думана .
Кубаласаң кубала![2]

Эгерде контекстен чечмелесек, бул саптагы карт терек - Чоңуул, ак терек - Ортуул, "сенин жаның өзүңдүн

тууганыңдын колунда!" деген кыйытма ой камтылган. Анткени, Ортуулдун да Олоңбайыр сулууга көзү түшүп, колун сураганда "агаң тирүү, апам тирүү, кол сунба. Тийбейм" деген жообун берет. Ал эми Байыр кыздын айылын басқандан Ортуул Чалкарбектен жазганган. Агасы Чоңуул озунуп, Чачыланы алганда ичинде кеги калган. Ошонун баары эртедир-кечтир бир ачылып алмак.

Экинчи бөлүмдөгү автордун баянында лирикалык чегинүү бир топ ийгиликтүү чыккан. Маанилүү ойлор ачык жана көркөм туюнтулат. Ортуулдун образын ачууда фольклордук эпитеттерди (бүркүт кабак, көк жал) орду менен пайдаланат. Анын баскынчылыгын, зордук-зомбулугун айгинелеген ички туйгусунун "Отурдум хандык тактыга, үстүнөн тепсеп өлүктүн" деп берилиши, бийлик тактысынын кандуулугунан кабар берет.

Айрыкча Ортуулдун бул жолку жортуулунун сырын ары ийкемдүү, ары элпек тил менен элестүү берилгенин бөлүп айтаар элек.

Кам жейт Ортуул бир ойронду салганы,
Кам жейт Ортуул бир кылмышка барганы.
Орто жолдон тартат окшойт эл жабыр.
Орто жолдо чачылабы кан дагы?

Ортуулхандын хандын ордосуна келаткандагысы көрүп тургандардын көңүлүн кандайча буруп, кандайча ой-санаага салып жатканы мындайча сүрөттөлөт:

Тээ алыстан чаң келет,
Текиреӊ таскак шаң келет.
Хан ордосун пааналап,
Асаба колдуу хан келет

Касыбы же досубу
Кабарсыз кандай жосуну?
Он асаба саналды

Ортуулдун окшойт кошуну?

X X X

Агасы менен иниси
Апасы, кызын алмакпы?
Шылтоосу жок иш үчүн
Шылдың болуп калмакпы?[3]

Ортуул да бекеринен келбейт. Анын келгендеги максаты башка болчу. Байыр сулууну ашкере жактырып, ичтен жанып, махабат азабын тартып жүргөнүн ачыкка чыгарат:

Олоң чач Байыр - баш кайгым.
Эрдигим сенсиз кимге таң,
Өлчөлүү иштен качпаймын.
Эмесе, чогоол Чоңуулхан
Эсепти сенден баштаймын!

Эки бир тууган хандын жолугушуусу драмада элдик сюжеттегидей той-тамаша, салтанат менен башталат. Тойдун шаан-шекөтүн автор ушунчалык эргүү менен сүрөттөйт. Муңканган кыяк, чоор үнүнөн калктын көкүрөгүндөгү арзуусу, эркиндик жөнүндөгү кыял үмүтү "бирде өрөөндө, бирде көлдө, тереңде" сыбызгып, "Хазар менен Алтайга угулгансыйт".

Ана, чыкты, бийчилери ичке бел,
Сен аларды өңдө көрбө, түштө көр.
Куюн мисал чимирилип жөнөштү
көп тиктесең көз торчоңо күч келер.
Кийгендери шайы-шалпар, каухар,
Көркөмүнө адам сугун агытаар

Ырчылар Коңтаажынын таржымалынан тарта үч небересинин кыйын-кезеңдүү жортуулдарын даңазалайт.

Эки хан бири-бирине астыртан көралбастыгын, кызгануу сезимдерин билдирбестен, тымызын ичинен тымып, салт-жосунун кармашат. Агасынын сыйына элирген Ортуул жортуулдан жүз төөгө жүктөгөн асылташ менен алтынын Чоң Каныша, Ортончу ханыша, "Кичи Ханша жеңемди Байыры менен чакыргын" деп Кичи ханыша жеңелерине чачып, марттыгын көрсөтөт. Мындагы максаты эптеп Байырдын көңүлүн табуу.

"Ичип бир жашаргын" деп мүрөктүн суусун агасына берет. Чоңуул сууну ичмекчи болгондо, кайдан-жайдан Думана пайда болот да, мындай дейт:

Сенин жаның куркулдайдын уясында,
Ансыз да көп жашайсың.
Ортуулдун сенден
Орошон акылы
өзү ичээр бекен
Же мага берээр бекен деп
Сынап берип жатыры...

Ушинтип Думана аңдышкан эки бир туугандын ортосуна от жагып салды. Айлакер Думананын айтканынан шексинген Чоңуулхан унмага уу кошуп, Ортуулханга ичирет. Ортуулхандын алыстан ат арытып келген тилеги таш каап, минген аты кара ашына союлат. Башкы ролду ойноп жаткан Думана муну менен эле тим калбайт.

Эми көңүл айткан, кайрат айткан Олоңбайырга Кичуулхандын көңүлү бузулат. Анын ай чырайы ашыктык дартына чалдырып калат.

Мында автор жогорудагы персонаждардан айырмалап, ар бир каармандын ашыктык сезимине өз-өзүнчө боек сүртүүгө аракет жасаган. Бул жагынан ийгиликтери бар. Фольклордук - эпикалык сүрөттөөдөн индивидуалдуу-көркөм сүрөттөөгө жетишкен жерлерин окуйбуз.



Ким ойлоптур аза күтөөр маалында,
Капталат деп махабаттай жалынга.
Кандай жүрөк чыдайт, күндүн кертими
Жалын бүркүп басып жүрсө жанында.
Көзү көрүп, буту жеткен аймакта
Ким чыдамак, сүттөй аппак ай жатса,
Кандай пенде өтмөк келген жолуна,
Бир ак жылдыз тийип турса колуна.[4]

Жаш хандын кыялы эч нерсеге чаппай, Олоңбайыр деп дегдеп калганда, делбетап болгон Чоңуулхан өлүм алдында жатып, керээзин айтып, оо дүйнө узайт. Думана Ортуулдун өлүмүнө Чоңуул өзү себепкер болгонун элге жар салат.

Драмада күн тийген жердин күкүгүндөй Арынбектин образы белгилүү даражада кылдат иштелген. Чоңуулдун айтканын эки кылбай кошоматтанып, ханына жагынып киши өлтүрүүдөн кайра тартпаган Арынбектин түсү өзгөрүлөт. Ал Чоңуулдун өлгөнүн угуп, кайра кубанат. Мына эми кайрадан жаңы шартка ылайык жол издеп, жаш хан Кичуулга жагынуунун амалына өтөт. Туруктуу тутунган адамдык абийир, наркы жок, ыйманын сатып, кара курсагынын кулу болгон кошоматчы Арынбектин образы окурманда жек көрүү сезимин пайда кылбай койбойт.

Арынбектен алда канча амал-айлалуу, турмуштук тажрыйбасы мол, турмушта билгени көп Думана мунун да эбин оңой эле табат. Бул Олоңбайырдын талабы, аны жазалаш керек деп, Кичуулхандын желдетине башын алдырат. Адамдык касиети жок, эки жүздүү, кошоматчылыктын акыры өз башына тиет. Жашоо ыгына, жасаган ишине жараша аны ушундай гана өлүм күтмөк. Турмуштун өз таразасы, өз баасы бар. Бардыгы өз энчисин алат.

Эки агасы өлүп, үч хандыктын өңүрү, казынасы, мал-мүлкүнүн бүт баары Кичиуулхандын колуна өтпөдүбү. Ага

каршылашып, бут тосоорго душманы жок, жолу ачылы Олоңбайырга үйлөнмөккө тойго камынат. Бул көрүнү төртүнчү бөлүмдө автордун баяны менен мындайч сүрөттөлөт:

Бир корҝунуч жүрөктөрдө аялуу,
Кандай бүтөт бул шоокумдун аягы?
Куттун кушун капыс колдон учуруп
Кайра кыргыз кыйноо тартып калабы?
Ушул жерден тагдыр сааты билинет,
Чегинүү жок, аянуу жок бул ирет.
Душман алдуу, белдүү, өжөр, айлалуу,
Тымтырс, кооптуу үч хандыктын аймагы...[4]

Бөтөн эл, бөтөн жерде баскынчылыгы, зордук-зомбулуг менен өкүм жүргүзүп турган кандай бийлик болбосу эртеңкиси ишенимсиз, кооптуу. Эркиндик үчүн жалындага элдин демин, дээрин басууга да болбой тургандыгы д түшүнүктүү. Өзгөчө тоолуктарда бул идея, табийгый ду күчтүү. Ушул ой драманын башынан аягына чейин кошто келатканы да бекеринен эмес. Анын аткарчу чоң милдет бар.

Митаам, зулумдугу менен бийлигин түптөгө Кичиуулхандын ою да ушунда. Ал Олоңбайырды олжоло алган соң, тоолук элин каалагандай эзип, тебелеп-тепсе башкаргысы келет. Муну өзүнүн монологунан ачыгыраа байкоого болот:

Эл козголсо, анысы чындыр,
Эл кубанса, мунусу чындыр.
Сактыкка кордук жок дейт тура,
Буктурмага аскер таштайын,
Тойду баштайын.
Олоңбайыр сулууну
Колго тийгизейин,

Анан
Билген сурагымды жүргүзөйүн.
Таш көтөргөндү
Ташка жанчам.
Баш көтөргөндүн
Башын аламын.

Мурдатан келаткан тойдун салты боюнча Кичиуулхандын мындай жардыгы окулат:

Бул улуу той жамбы атмайдан башталат,
Жебе сууру, жааларыңды алгының!
Күн мурдатан сүйлөшүлүп койгондой
Жүз жебечең тандалып чык атышка
Кыргыз журту, Олоңбайыр тараптан!
Жүз жебечи болот Кичуул жамааттан,

Жамбы эки элдин эртеңкисин аныктай турган шарттуу белги. Элдешпес эки тараптын тирешүүсү же күч сынашуусу башталат. Эки тараптан тең жамбыга эч ким тийгизе ата албайт. Хандын жардыгы каттуулайт. Муну жарчы элге минтип угузат:

Ат башындай жамбыга
Хан үстөгүн кошуп жатат.
Ата албаса орго түшөт,
Ким атат?!

Ошол учурда эл ичинен Думана чыгып, жамбыны атып түшүрөт. Ал туткундагы элдин эсине баатыр Манастын эрдигин, хан Бакайдын акылын, Алманбет, Чубактай эр жүрөк уулдарын салып, биримдикке, баскынчыларга каршы күрөшкө үндөйт. Чындыгында биз баятан бери көрүп келаткан Думана жөн думана эмес. Драманын акыр аягына чейин башкы идеяны көтөрүп, автордук позицияны алып жүргөн негизги каарман Олоңбайыр. Окуянын чечилишинде эч ким ата албаган жамбыны таамай атып, башына кийген кебин, эски

жамаачы чапанын чечип ыргытып, Думананын кейпинде жүргөн Олоңбайыр жеңүүчү болуп чыга келди.

Бул күтүлбөгөн окуя. Эки жүз ок сая кетип, эки тараптын тең мергенчилери ата албаган жамбыны Олоңбайырдын атып түшүрүшү элдин идеал-кыялындагы баатырдын келиши, баскынчы калмактарга каршы көтөрүлүштүн белгиси. Башкы каармандын монологунда айтылгандай:

Тоолордо дымып билинбей жаткан,
Атылган кекчил чагылган болом!
Кыргыздын ишкер узу да менмин,
Кордукта таткан тузу да менмин.
Өч кууп кийген кебетемди
Эч качан кыргыз кийбес үчүн,
Кулдукту такыр билбес үчүн,
Ыргытамын!


Жүрөгүндө кеги, намысы кайнап, чагылгандай ааламды дүңгүрөтүп, Ата Мекендин азаттыгы үчүн күрөштүн башталышы. Легенда-баяндагы негизги идея да ушу.

Олоңбайыр-ай чырайы төгүлгөн сулуу гана эмес, жан дүйнөсү бай, жеке интеллекти күчтүү элдик образ. Ал баскынчылардан эзилген элди боштондукка чыгарыш үчүн күрөшкө чыкты. Анын күрөшү айла-амал, курч акылдын күчү менен ширелген күрөш. Оңой эле олжолоп алууну көздөгөн үч бир тууган калмак хандарын айлакерлик менен бири-бирине касташтырып, биринин өлүмүнө экинчисин себепкер кылды.

Хандардын ичи ара караезгөйлүгү, көралбастыгы, дүйнөпараздыгы өз керт баштарына тийди.

Драманын сюжеттик курулушу жөнөкөй, бир кылка, калмак хандарынын эзүүсүндө турган элди боштондукка чыгарган каармандын (Думана) образы ар тараптан жеткилең иштелген деп айтуу кыйын.

Анын өзүнчө бир пендечиликке мүнөздүү, апачык белгилери бар, индивид катары кабылдоого да толук мүмкүн



эмес.

Автордун аталган драманы жаратуудагы ийгилиги-эл ичинде легендага айланып калган идеяга жаңыча түс, жаңыча боек бергиси келип, мүмкүн болушунча тээ өткөн доордун өң-түсүн, облигин, жашоо образын чагылдырууга жасаган далалаты. Драмада автордун баяндамасы айрыкча ийгиликтүү чыкканын белгилөөгө болот. Ошол аркылуу окуялар да өзөк алып тургансыйт.

Тили жатык, жеңил окулат. Ыр түзүлүшүндөгү аттама (132-беттеги), аяккы (140), башкы (147) уйкаштыктардын куюлушуп, чыгармачылык эргүү менен жазылган куплеттер (140, 148,155), өзү аралашып жүргөндөй, чыгарманын духу менен жуурулушуп, окурманды өзүнө тартып, улам кызыктырган автордук чегинүүнүн чеберчилиги (129, 131, 163) драманын мазмунун тереңдетип, тилдик каражаттарынын байлыгын айгинелейт. Жалпы сюжеттеги көтөрүңкү пафос, динамикалуу ыргак ширелешип, кейипкерлеринин речинин так, кыскалыгы, образдардын майдаланбай, башкы каармандын айланасына чогулушу (окуя да ал аркылуу өзөктөнүп турбайбы), кудай буйруп, келечекте талантуу режиссердун колуна тийсе, өнөр секичесинде татыктуу жашоосунан күмөндөнтпөйт.

Ошентсе да, образдарды түзүүдөгү ийгиликтер менен айрым бир өксүк жактарын эске алып коюу оң.

Эл душманы баскынчылар катары каралган калмак хандарынын образы айла-амалдын туткуну болуп, күрөшкө чабал. Драмада реалдуулук менен жомоктук көрүнүштөрдөн жалпылаштырылган образдар (Арынбек, үч хан) психологиялык штрихтерге жарды. Жыйынтыктап айтканда, Жолон Мамытовдун "Олоңбайыр" драмалуу легенда-баяны акындын бул жанрда изденүүсүнүн өзүнчө бир этабын аныктайт деп белгиленет.

# Глава VI.

## *Оптимист акындын гуманисттик ойлору*

Акын 1986-жылы Кытай Эл Республикасынын Синьцзянь-Уйгур автономиялуу районуна барган. Ал жөнүндө өзүнүн мындай деп айтканы бар: "Акын үчүн эл аралап, жер кыдыруудан артык таасир кайда бар. Чынында да коңшулаш улуу өлкөнүн батыш тарабын кыдыруу мага зор таасирлер калтырды. Үрүмчү, Кулжа, Турпан, Кашкар, Артуш шаарларында болдук. Эмгекчил көп улуттуу кытай элинин турмушу менен жакындан тааныштык. Мага Кашкар шаарынын турмушу, байыркы базарлары, ат таксилери, бак дарактуу келбети өтө жакты. Көзүмө бала кездеги Ош элестеп кетти белем....

19 кылымдагы түрк элдеринин улуу ойчулу, окумуштуу Махмуд Кашкарлыктын кабырстанында болдук, байыркы Опол тоосунан туруп, чексиз оазисттер менен боз талааларга көз тиктик".[1]

Жер кыдырган, эл тааныган, эчен тилди үйрөнгөн, көөнөрбөс акыл-эс, ой жыйнаган ойчул Махмуд Кашкарлык "Канча жашайм? Бул тирүүлүккө качан кош айтышам?" - деп устазынан сураса, ал мындай дептир:

"Таягыңды
жерди тандап сайгын да,
Күт бир жайга.

Көктөп чыкса жазгы коңур айдыңда,
Ал чөлкөмдө
сүр күнүңдү
канат -бутак жайгын да,
Болот ал жер
турагың да,
сөөгүң калаар айлың да!"

Кашкарлыктын мүрзөсүндөгү байтүп терек ушул кезге чейин "жарымы жашыл бак" болуп, тамыры тереңде, илиминен жаны ойлор, жаңы идеялар өнүп, муундан-муунга кызмат кылып келет. "Туулган жердин топурагы алтын" демекчи, чоң тамгалар менен жазылган Мекендин башаты дал ушул туулган жерден башталат.

Чексиздикке сапар алган
Жер-Энедей кайыкты
Чебер айдап
багуу керек
адамзаттык тарыхты
Бир мезгилде беш миллиард
тагдыр Жерди байырлап,
Ар бир таңда көрөр күнгө,
сүрөөр күнгө камынат.[2]

Жер шарын Жер-Эне кайыкка салыштырып, аны этияттап чебер айдоо керек. Анткени, жер жүзүндөгү бүткүл тагдырлар Жер-Энеге байырлаган. "Ар кимдин ар бир таңда ичээр суусу, көрөр күнү бар" дейт.

Акын бүткүл жер шарындагы окуяларга, адамзаттын тагдырына коркунуч туудурган аракет, божомолдонгон план, күтүлбөгөн кырсыктарга кайдыгер боло алган эмес. Автор жашаган мезгилде СССР менен Америка Кошмо Штаттарынын бири-бирине көз карашы, мамилеси, карым-катнашы жалпы саясаты таптакыр башка эмес беле.

Америка токтотпостон
          согуш деген "оюнун"
Жалгыз өзүм ээлесем дейт
          Асман -Жердин коюнун
Зор даңгырын куралдарга
          шыкап космос жолунун
Адамзатты к пу кылсак
дешет алар-СОИнин[3]

Гавананын Никарагуага согушу кийинки муун тарабынан айыпталып, соттолгондор наристелердин тамак-ашы, дарысын, "дары-азыкка" алмашышканын, "контрастар" моюнга алышкан. Муну кандуу согуштун жалданмалары унутса да, тарых унутпайт. Келечек муундун, мезгилдин соту баарынан өктөм, баарынан бийик деген ой айтылат.

Токтотпосо аталчулар
          аламаттуу казатын,
Тобокелге салып жердин
          мындан аркы жашашын
Жексендээрин билсин алар
          өз турмушун, жасатын,
Өз дүйнөсүн
          өз турагын,
                    өз тагдырын, өз атын!

Так ушул чечимине дүйнөлүк классиктердин бири, Американын XIX кылымда жашаган улуу акыны, өзү сүйүп окуган Уолт Уитмендин "Штаттарга" деген ырынын көрөгөч, акылман саптарын далил келтирет. Айтмакчы, Жолон поэзия түйшүгүн тартып жүргөн мезгилде Уитменге абдан таасирленип, ыр формасына "эксперимент" жасаганын биринчи эмгекте белгилеп өткөнбүз. Төрт акын - Уитмен, Маяковский, Рилке, Заболоцкийдин орду өлчөөсүз экенин моюнга алат. Эки жүз жыл мурда Америка контингентинин Түндүк-Түштүгүн "эркиндиктин бешиги" деп жар салган, афоризм сыяктуу жатталып калган америкалык акындын

төмөнкүдөй саптарын эске салат.

"Айтамын мен Штаттарга,
калааларга андагы,
Көп убакта каршылык кыл,
аз убакта ийгин баш,
Билбей туруп "макул!" десең,
түбөлүк кул болгонуң,
Ал кулдуктан
Штат дагы,
калаа дагы,
улут дагы,
Эркиндикке кайта албайт!"[4]

Биз сөз кылып жаткан "Даңгырга мактал" - бул публицистикалык поэма. Акын өз өмүрүндө күбө болгон, сапарында кезиккен окуя, таасирлерди, чыгармачылык эргүүгө канат байлаткан көрүнүштөрдү ырга салат. Жөн эле санактап койбостон, патритоттук духта, көтөрүңкү пафосто ой жаратууга жетишет.

... Болгонумда Кубада мен
көрдүм Плая-Хирондо
Калдыктардын эски ДЗОТтун
бир сол тарап, бир оңдо.[5]

Куба эли азаттык революциясын муунтууга аракеттенген контрастар (четке кеткен ички душмандар) Плая-Хирон тараптан кол салганда ташын талкандап, Кариб жээгинен эки күндүн ичинде кууп чыгышат. Америка төбөлдөрүнүн сүрөөнү менен өз элине чыккынчылык кылгандардын ой-тилеги таш кабат. Кубалыктар революциянын башчысы Фидель Кастронун артынан ээрчип, өлкөсүнүн боштондугу үчүн акыр аягына чейин күрөшүшөт.

1984-жылы Ж.Мамытов Кубага барганда, Америка контингентиндеги биринчи социалисттик өлкөнүн турмушу менен таанышуу чоң таасирлерди берген.

"Учканда

Москвадан Гаваннага,
Далай саат,
Үстүм асман,
астым асман.
Океан аба дагы,
аба мага
Океан сяктаган
чалкып жаткан.
Биздин ыр
бир торолду Куба менен.
Сезимге күрөш руху
орнойт кандай.
Делгирүү
жылуулукту сезип келем
Апама
Төлөйкөнгө бараткандай

Бул саптар менин кыялымда ИЛ-62 лайнери менен Атлантиканын үстүнөн учуп бараткanda пайда болгон эле, Кубанын түндүк тарабындагы Пинар Дель Рио деген шаарына барып келгенден кийин Гаваннанын мейманаканасында ыр жаздым" деп, эскерет акын. Айрыкча "Пальма дарагы" жөнүндөгү 11 куплет ырынын поэтикасы образдуулугу, элестүүлүгү менен тамшандырып, эргүү менен окулат.

Көргөндө шыңга пальманы
Кыш түшпөс жашыл талаадан,
Сезилди болуп жаш сулуу
Шамалга чачын тараган

Арийне, байыркы аралдын экзотикалык сулуулугун пальмасыз элестетүү кыйын. Андыктан бул дарактын жандуу адамдай образга, сюжеттик мазмунга ээ болушу акындын табылгасы. Анын таасиринен кадимкидей көз алдыңа элестелет. Автор экинчи куплетинде "шыңга" пальманы чачын тараган жаш сулууга" салыштырса, үчүнчүсүндө "жайнаган пальманы жарагын колго кармаган сан колго" окшоштурат.

Төртүнчүсүндө "сансыз пальманы Фидельди көздөй агылып" деп, өз эркиндиги үчүн күрөшкөн кубалыктарга окшотсо, бешинчи, жетинчисинде "сопойгон пальманы колунан жарагы түшкөн аскерге, жалгыз бой салганын колунда жарагы жок жүргөн жоокерге" салыштырат. "Иштемчил арал, кант арал, алп арал" деген эпитеттер, ырдын жалпы контекстиндеги башкы көркөм сөз каражаттары аралдын турмуш образынан кабар берет, чыгарманын түс-түркүн боектуулугун арттырат. "Пинар Дель Риодогу түн" "Куба дептеринен" ырлар циклиндеги акындын ой-кыялын, сезим чабыттарын ажарланткан ажайып ыр. Аны талдоодон мурун айрым строфасын чогуу окуп көрөлү:

Тастаят эле тастаят
Ак төшү ачык сулуудай.
Каш кагат эле каш кагат
Маңкайган мулат аяштай.
Кашкаят эле кашкаят
Каниги негр кызындай

X X X

Он бешке толгон негр ай,
Ободон нуруң төгүл ай.
Он алтыда аппак ай,
Болсоңчу көркөм чактап ай,
Он жетиде мулат ай,
Көп карай берсем уят ай.

Ырдын башында акын кабареттен сыртка чыкса, асмандагы ай Төлөйкөндөгүдөй так төбөдө маңкайып, аппак шооласын чачып турат...Туулган турак менен океандын ары жагындагы бөтөн жердеги сезим таланттын ой-дүйнөсүн козголоп, толкундатып, жогорудагы саптарды жаратат. Ырдагы Ай, Күн, Асман - ассоциациялык образдын предметтери. Кубанын түнкү сулуулугуна асмандагы Ай гана күбө. Анын көрүнүшүн, табиятын, сулуулугун аялзатына

салыштыруу даяр мотив экенине карабастан, (айдын жообу) "Кара кыздын ак тиши ошол менден бир кертим төшүндөгү "жарк" дей түшсө тумары - ал да менден бир кертим, көзүнөн туюп калсаң бир учкун - бул да менден бир кертим" деген ой ар тараптан байытып, образдуулугун, контрастуулугун арттырат. Автордун Ай менен сырдашуусу интимдүү мүнөзгө ээ болуп, сезимдин азик толгонууларын мындайча чагылдырып жатпайбы:

" - Асман-мухит чегинде, Сен апакай кемесиң, Алоо Күндү көктөгү, Ачык айт кандай көрөсүң?" Интим лирикасына мүнөздүү ыкмаларды чебердик менен пайдалануу адам менен табияттын ички биримдигин айгинелейт.

- Күн күлпөттүү жигитим!
Көңүлүм тиккен күндөрү
Толуп-ташам, балкаям.
Бой көтөрөм, чалкалайм.
Ай аялза-ат ошондой
Кырс мүнөздүү болобуз...
Койгон күнү тиктебей
Бир четимен кетилем,
Өңдөн өчөм, үлдүрөйм

Ай асмандагы сапарынан кайтып, Күнгө кезек бермекке башка планетага калкып, жол тартты. .. Лирикалык "мендин" көңүл туйгусундагы мулат кыздын элеси уктатпайт, көздөрүндө күлүңдөө, жүрөгүндө жаңы ырлар жаралып жатты...

Сулуусу кара торунун
"Суктантып салдың чынында.
Суйкайып мейман боло жүр
Сагыныч толгон ырымда".

Акындын "Куба дептеринен" циклин жогорку эки ырынан (1984) башка дагы бир жылдан соң жазылган "Куба негрлеринин ырынан", "Варадерону эстөө", "Океан", "Гаванадан бир элес" деген лирикасы толуктады.

Эркиндик аралынын мейманы эстен кетпес сапарынын таасирин афоризм сыяктуу кийинки жаш акындардын ырларында жашап калган мына бул саптар менен аяктаган:

..Жалгыз болсо калат анда жартысы,
Эгиз болсо, калат анда бир жүрөк...[6]

Акын 1968-жылы Оштон Токтогулга "ит өлгөн суук учурунда" барып калат. Ошол райондо бир топ жыл иштеп калган бирөөгө кезиксе, үч кыл арча комузду так сүйлөткөн, тоо булбулу Токтогулдун Кытай жергесинде болгонун кеп салат. Бул туралуу кийин өзү Артушта болгондо, кытайлык белгилүү манасчы Жусуп Мамайдан да угуп, бул фактыны тактоо адабият үчүн парз, нарктуу иш экенин эскертет. Кайсы бир мезгилдеги осол адамдын "Токтогулду ат ууру деп айтышат, тууррабы ушу?" деген осол суроосуна көңүлү какшап, кыжырданганын жашырбайт.

Кыйкырдым мен: "Натууру!"
Ал кыргыз - Чоң театр
Калк рухунун татымы.
Шык башаты,
Талант көлү,
тайбас көгү, атуулу!"

Ушундай ушакты тараткандар, бирөөнүн жакшылыгын уккусу да, сезгиси да келбеген "интеллигент Базарбайлар" "чоңдордун" колтугуна кирип, "өз киши" боло калып, чынчыл адамдарды эзгиси келет. Жыйындарда жаңы ой үчүн күрөшкөн "адилет" болуп көрүнгөн "Базарбайлар" канча-канча таланттарды ушактын уусуна ууктуруп, жүрөгүн оорутуп жүдөтпөдү... Мындай ичи тардык, көрө албастык, аксым митаамдык "илдетинен" айыгуу керек биздин Мекен. Адам баласынын жашоосундагы ак менен каранын, адилеттүүлүк менен адилетсиздиктин таймашы алмуздактан келаткан элчисиз "согуш" болсо да, акын элдешкис күрөшкө чакырат.

Ушул поэмадагы бир кичинекей детал чоң ойго жол ачып бергени кызык... 17 жыл түрмөдө жатып, ден соолугун

коротуп, алдан-күчтөн тайган Назим Хикмет Ташкен тарапка келгенде, экинчи кабатка алы куруп чыга албай калат. (Калемдештер чогулган жерде аңыз болгон кеп). Анын поэзиясына куштар окурмандар Н.Хикметти көтөрүп чыгышканда, байкуш акын: "адам күчүн алгач ирет пайдаландым!" - деп катуу кайгырган экен.. Биз "өкмөт берген укугубуз" деп кол алдыбыздагы кызматы боюнча көз каранды кишилерди каалагандай пайдалануудан качпайбыз. Кызматы жогорку бирөөгө кошоматтанып, жойпуланып, жагынуудан "жан баккандардан" арылууга болбойбу деген ой айтылат.

Пролетариаттын негиздөөчүсү жана улуу жол башчысы Карл Маркс 18ге жаңы толгондо, алдындагы бороон-чапкындуу, катаал жана кандуу күрөшкө бел байлап, ою буркандап-ташкындаган ыр жазыптыр... Ошол ырды эне тилге оодарсам деген изги тилегин билдирген автор. Коомдук формацияны түп-тамырынан бери өзгөртүүгө жол көрсөткөн, багыт берген, шыктандырган өз доорунун саясий-экономикалык, саясий-идеологиялык жана социалдык, философиялык фундаменталдуу эмгеги "Капитал" даңгырга-келечекке пайдубал түптөгөнүн эргүү менен баяндайт.

"Бейчара турмушту өзгөртүү максатында, дүйнөлүк ойду ойготууда, сапардан узаган, катаалын тандаган күрөштө (союз мезгилинде басылмалардагы "Бүткүл дүйнөнүн пролетарлары бириккиле!" деген ураан эсиниздедир) эзилген эл массасынын, эмгекчилердин биригүүсү, тилектештиги керек" деген Маркстын окуусун, позициясын турмушка ашырган, карт бийликтин ташын талкан кылып, уратып, Россияда Улуу Октябрь Социалистик революциясынын жеңишине жол башчылык кылган улуу Лениндин эмгегине, бүт өмүрүн элге арнаган кемеңгер көсөмгө таазим этет.

Россияны зор даңгырга
салды
Ленин-практик.

Анын баары жадыбалдай
эсибизде турат бүт,
Оюбузда, дилибизде,
көзүбүздө турат бүт
Кылым-шаты
ар бир күнүн
ага бирден бакана
Карт кылымдын кылда учуна
барат мезгил такапа.
А жер шары
мелт-калт суудай
ийинделген чак^^а
Төгүлүүгө даяр турат
туш келсе эле катага.


Ар бир адам "жайдак койбой" ар күнүн, "оттой ысык жүрөктү" алоолонто жандырып, "таштай катуу эрк - түйдөктү" чыйрамынан жаздырбай, заман талап кылган "жаны ой, жаны дем, жаны түйшүк" менен "жаны дангыр" - келечегине "жалкоолукту, оңойду" жерип, кадамдоосуу шарт. Анткени:

Өзүнө эмес,
өлкөгө арнап эмгегин
Өмүр согот уул-кызына,
бак тилесе Жерге ким.
Жер-корабль.
Жүргүнчүсү-адам пенде
Космос-мухит.
Сүз корабль
негизиң жок коркууга.

Акын студент кезинде эн алгачкы жер жандоочу учканын, радиодон (Левитан окуган) укканын, ошол кечте окуу-оюнун, бүт баарын таштап салып, "жылдыз чырай" бир кызга арнап, ырлар жазып чыкканын эскерет...
Мезгилдин илимий-техникасына, илимий-революциясы жана илимий-технологиясынан кабарсыз калбоого, убакыт менен

жарышып жашоого чакырат.

Жолон Мамытовдун "Дангырга мактал" поэмасы публицистика менен поэзиянын, атуулдук жана медитативдүү лириканын ширелишкен, чыйратылган жиптей строфалары бири-бирине жуурулушуп, бийик пафосто, оптимисттик маанайда жазылган терен мазмундуу чыгарма. Анда жогоруда белгилендей, түбөлүктүү темалардын чечмелениши жөнүндөгү акындын жеке ою, көз карашы, мамилеси келечекке болгон тереӊ жана бийик ишеними чагырлдырылган. Өз элинин патриоту, гуманист, жалын жүрөк акын жана ушундай поэзияны жаратаары шексиз.



# ГЛАВА VII.

## Баатырдык поэманын көркөм-идеясы

Жолон Мамытовдун кенже балдар үчүн жазылган "Буурул таңдын жомогу" (1978) аттуу баатырдык поэмасы балдардын сүйүктүү чыгармасы. 1980-жылы басмадан сүрөтчү К.И.Сухаревскийдин жогорку деңгээлдеги көркөмдөөсүндө атайын китеп чыккан. Соңку жылы орус тилине которулуп, "Сказки; Сказка о храбром Чилтене. Охотник. Багыш. Джанар и Олокон" (Фрунзе, "Адабият",1991) деген китепче мурдагы союздун курамындагы республикалардын кичинекей окурмандарына тартууланган. Жомок үч бөлүмдөн турат. Акын жомоктун традициялуу башталышынан бөлөкчөрөөк маанайдагы киришүү менен ачат.


Чоң атамдын атасы
өз атамдан уккам деп
бул жомокту ал айткан,
Чоң энемдин энеси
чоң апамдан уккам деп,
бул жомокту ал айткан,

деп "куйма кулак балдардын өздөрү картайганда бөбөк-балдарга айтып келатканын, баяндын жашыл арчадай сан кылымды карытканын" кабарлайт.

**Биринчи бөлүмдө "Бала Чилтен баяны, Жолборс жашаган коңулдагы окуялар. Жалпак Таман менен болгон күрөштүн акыры" баяндалат.**

Байыркы бир заманда элдин башына мүшкүл түшүп, "күн

куру эмес малы өлүп, катын өлүп, бала өлүп, кыргынсыз кылым өтпөй, кырсыксыз тыным өтпөй" эл бет алды көчкөндө, бир чал-кемпирдин жалгыз уулу жоголуп кетет. "Карыганда багаарым эле" деп кемпир катуу кайгырат. "Чар тараптын



искеп, чаалыгып издеп, туура алты ай күтүп, үмүтүн үзүшөт
Он эки жашар Чилтенден эч кандай кабар билинбей
Ошондогу чал-кемпирдин абалын автор мындайча сүрөттөй

Картаң эне какчайып,
бел ийилди бекчейип,
куш сезилип жалгызы
шашып учкан кеч келип.
Карт атанын көздөрү
электенип, тунарып
катты калды сөңгөктөй
кызыл өңү кубарып..

Фольклордук мотив менен көркөм сөз каражаттары ичкериден жуурулушуп, жомоктун окумдуулугун, ойдун экспрессивдүүлүгүн арттырат.


..Бала гүл терип, таштан-ташка секирип ойноп жүрсө жамгыр төгүп жиберет. Күн карайлап, сел жүрүп кетет да кийими сыкма суу болгон бала бир үңкүргө кабылат Үңкүрдүн ушунчалык муздактыгы сөөккө жетет. Көрсө ал жер "тырмактары шамшардай, учкун учуп көзүнөн, асман түспө чачы өзүнөн узун" жин-перинин кыздарынын түнөгү экен Үшүгөндөн тиштери шакылдаган Чилтенди көрүп сүйүнү кетишет.

"Ай-ий жакшы бала экен,
ай-ий эси бар экен
Ай-ий көзү көк экен
Ай-ий чачы кара экен"

дешип, туш-туштан сөз ташташат балага. Ошол кезде би жолборс капыстан пайда боло калат да, баланы жонуна мингизип, үңкүрдөн чуркап чыгып кетет. Тоо-токойду аралап агыны катуу дайрадан өткөн соң, адамча минтип сүйлөйт "Бир жаштан ашканда ата-энемден жашынып ойноп жүрүп аскага асылып калгам. Колу-бутум талып, шалдырап, айлам кетип калганда, бир мерген мени ажалдан куткарган. Ошол бойдон ал мергенди көргөн жокмун. Жин-перинин кыздары

зүңдү тытып жеп, көзүңдү оюп, шакегине салышмак.. Мен карызымды өтөдүм. Кааласаң кет, кааласаң кал, ойнойм десең бир өсүп менде да бала бар" дейт.

Ошентип, бала Чилтен Жолборстун коңулунда жаш



Жолборс менен өмүр сүрө баштайт. Бирге ойноп, бирге тамактанып, алышып-күрөшүп чоңоюшат.

Булчуңдары баланын
уйдун сүттүү желиндей
күндөн-күнгө чулчуюп,
катып барат темирдей
Сокбилектей билеги
көкүрөгү керилип,
көп убакта жаш Жолборс
калчу болду жеңилип.

Баланын эр жетип, күчкө толуп келаткандагы көрүнүшүн салыштырууда гипербола арбын кездешет. Окуя динамикалуу, курч мүнөздө өнүгүп отурат. Сюжеттен сюжетке кубулжуп-түрлөнүп өсүп-өнүгүшү, жоктон бар

кылгандай сыйкырдуу күчкө ээ болушу кереметүү же
жомокторго таандык сапат. Ошонусу менен жаш бөбөкте
менен тестиерлердин фантазиялуу жан дүйнөсүнө жакы
турат.

Бала айбанаттын тилине өз тилиндей көнүгөт. "Токсо
гүлдүн бүрүн жеген, токой кезген жаныбар, маңдайынд
шамы бар, бир карагер ат таап алат". Ошол аргымакт
мингенде күчүнө-күч кошулуп, айлын эстеп сагынат, тууга
жерге талпынат. Бала Жолборско ыраазылыгын айтыı
кетмекчи болгондо, "башыңа кыйын иш түшсө, үчөөбүздү
күчүбүз кошо жүрөт денеңде" дешип, Эне Жолборс чачына
Ата Жолборс жа[illegible]нан, бала Жолборс кылынан бир тута
байлап берет.

Чилтен кырк күн, кырк түн жол жүрүп, журтуна келе
"Сөздөрү да, өздөрү да, түнкүсүн жанып турган көздөрү д
бөлөкчө" жон-жондо жаткан кошунду көрүп таң калат. Колг
тийген жандыктан шишкебек жасап, желедеги кулунга тийиг
баканы тирүү жутканын, жыланды жиптей чоюп жегенин, би
тобу буту-колунан тартып, адамды отко салышканын көрүı
Чилтендин бүткөн бою муздап, көкүрөгү сыздайт.

Түн жамынып үйүргө жетип, жылкы кайрып отурган соку
чалга кезигет. Жаш балача ыйлаган чалдын кебинен жиı
перинин аскери мал-жанды түгөткөнүн, жу[illegible] жайлуу же
издеп кеткенин, жалгыз баласы жоголуп, алты ай күткө
энеси дүйнөдөн өткөнүн угуп, Чилтен атасын тааныı
кучактай жыгылат. Өзүнүн балалыгынын катасын түшүнүı
буркурап, көз жашы он салаалайт.

Ал көз жаштан коктуда
Кыян жүрөр окшоду.
Ал көз жаштан бир тамчы
Чал көзүнө чачылды,
Сокур карек соолуган
Чайттай болуп ачылды.

Баласын жоготкон атанын кубанычы койнуна батпай

кереметтүү күчтүн таасиринен көзү да ачылып кетет. Чилтен толгон журтту топтоп, кармашка даярданат. Усталар албарс көздүү кылыч жасап, найзага болот учтук каптап, жебесинин учуна уу сүртүп, кас душманды жеңүүгө кайраттанышат. Чилтендин денесине алты төөнүн терисин ороп байлап, төшүнө темир кадап, туулгасын башына кийгизет, аргымагын "көлөрсүгүн толтурбай" караңгыда бактырат.

Жин-перинин кошуўнун бийлеген Жалпак Таманды автор кантип сүрөттөгөнүн өзүнөн сурайлы.

Жүрүп кетсе жөө-жалаң
Буту жерге тийбечү.
Көкүрөгү жар эле,
Алп чеңгели кан эле.
Кармашканда күч берчү
Кырк илээси бар эле.

Анын сөзү менен чуктатып, адамды уктатып коеру, жылан болуп, уусун чачып, көздү сокур кылганы, донуздай коркулдап, челип салары, куюндай учуруп кетери, Жолборс болуп ырылдап тиш салаар толгон- токой илээсинин бардыгы айтылат. Терс образ катары эле эмес, кара кү үн ээлери болушкан жин-шайтандарды мындай сүрөттөө алардын адам баласына жакшылык кылбаганына балдарды ынандыруунун, жек көрүү сезимин ойготуунун жана жомоктун боектуулугун, кызыктуулугун күчөтүүнүн кадимки ыкмасы. Жалпак Тамандын өң-түспөлүнүн апыртылышы окурман жан тарткан каармандын алдындагы күрөшүүнүн оңой эместигин кабарлап, баланын жан дүйнөсүндөгү "кантээр экен" деген тынчсыздануууну, "баатырсынган" чыйралууну жаратпай койбойт.

Жалпак Таман душманы келатканын билип, миң аскерин жиберет. Эр Чилтен куурайдай качыратып-кайсап кырып жиберет. Буп айласы болбой, Алпка жолун тостурса, аны да найза сайып, жок кылат. Жоосу оңой эместигин сезип, опол Эсун жиберет. Эгер аны жеңсе, Жалпакеңе тең келерин

билет. Дөө качырып барып сайганда, сексен кабат терин жиреп токтойт да, найзасы менен шылып түшөөрдө Чилтендин кылычы башын шыпырып таштайт. Айласы кеткен Жалпак Таман жалынып-жалбара баштайт. Кытмыр илээсин колдон мокко жалмаңдап, мындайча арбайт: "Көп баатырларды көрдүм, ашкан баатыр экенсиң. Миң аскерди кырып, Алпты опол Дөөнү койдой мууздадың. Тилегиңди айт, айтканыңдай кылалы. Багын десең багынып, кошун болуп берели Кыйындыгың көтөрөөр, досуң болуп берели!..."

Чилтендин көздөрүн уйку басып, ныксырап бараткандa, көгөн мурдунан сайгылайт, чоочуп кеткен баатыр кылычын сууруй калганда душманы жыйрылып, жылан болуп арбайт. Уусун эми чачаарда ай туяктуу Карагер чаткаяктай калганда, "дүң" дей түшөт кара жер. Карагердин кареги агып түшөт. Ат болбосо, Чилтенди өлтүрмөк. Сур жылан бадалга барып жашынат. Андан кийин азуулары арсайган доңуз болуп качырат. Эки азуусунан "шап" кармап, кайрып-сындырып, камандын оозун канга толтурат. Доңуз көз ачып-жумганча жолборс болуп кубулат. Ошондо достору берген бир тутам кылдын жардамы менен Бала Жолборс пайда боло калып, эки жырткыч тирешип, беттешет. Акырында Жалпак Таман жан берет. Ошентип, жин-перинин бийлиги жер үстүнөн жексен болот.

Кара күчтүн ээси коркунучтуу душмандын айлакерлигин ишттеткен эпизоддогу ар бир детал, андагы сыйкырдуу, кубулмалуу көрүнүштөр автордун фантазиясынын байлыгын, жомок токуу чеберчилигин айгинелейт.

Жалпак Тамандын образы кыргыз жомоктор дүйнөсүндөгү жаңы образ. Анын өң-түсү, күч-аракети, күрөш ыкмасы, айлакерлиги балдардын түшүнүгүнө жараша кылдат ойлонулган.

**Экинчи бөлүм - "Алты айчылык жол. Дүрбөлөң коктунун сыры. Чөөлөрдүн падышасынын туткунунда. Таш күзгү таржымалы"** деп аталат.

Туулган жериндеги жин-перилердин аскерин жок кылып, элин эркиндикке чыгарган Чилтендин жеңиши канчалык мартабалуу болбосун, эмнегедир кабагы ачылбай, көңүлү суз тартат. Атасы бир күнү мунун сырын сурайт. Чилтендин каректерин жаш чайып, сырын айтып берет. Он эки жашында Айкөкүл менен көпөлөк кууп, ойногон кезин эстеп, күндө түшүнө киргенин "жа ындаткан сулууга жакын барып кол сунсам, мага тике карабай болот ыйлап отурган" деп шерттешкен жарын издебесе, көңүлү тынчыбасын баяндайт. Атасынан уруксат сурайт. Менмин деген жигиттерин жанына алып, жер которгон өз журтун издеп, сапарга аттанат. Алыскы сапардын мүшкүлүн төмөнкү саптар көз алдыга таасын элестетет.

Алтымыш күн жүрүштү
Ат туягын талытып,
Аскалардан өтүштү
Муз жарылган кар учуп

Баатырдын эркин, күчүн ынаган сапардын баяны баштан-аяк куюлушкан куплеттер менен шөкөттөлүшү жагымдуу. Дүрбөлөң коктунун сырын акын өтө элестүү, аябагандай эргүү менен сүрөттөп жазгандыктан, бул эпизодду айткандан көрө оригиналдан окуган уккулуктуу.

Бул жылганын ичинен
Ок атылып асманга,
Сай ташындай чоктору
Туш тарапка чачканда,
Түнү болуп күндүздөй
Бет теребел жаркырап,
Отту дайра кокту ылдый
Кетип жатты шаркырап.

Алоолонгон жалынга көздөрү чагылып, ысыгына чыдабай, аттар артка жылганда, коктунун ээси тоголок Топжалындан мындай деген үн чыгат:

"-Кастык ойлоп адамзат

келген болсоң дилиңде,
чөктүрөмүн баарыңды
от кайнаган иримге" -

деп, кандай максат менен келгенин сураганда, Чилтен баштан-аяк төкпөй-чачпай айтып берет.

Акын бекеринен отту, жалынды эбегейсиз кудуреттин ээси катары караган жок. От - тирүүлүктүн белгиси, тиричиликтин башаты. Анын философиялык мааниси жөнүндө, "отчул акындын" поэзиясынын стихиясына мүнөздүү белгилерди биринчи эмгегибизде көп сөз кылганбыз. Ошондуктан от акындын сүйүктүү темасы. Демек, Топжалын оң каарман. Ал эр Чилтенге мындай дейт:

"Бул шакекти эр Чилтен
тагып алгын салааңа.
Күйүп кетет отунан
Бүтүндөй бир калаа да.
Жаман ойлоп колдонсоң
Өзүң кошо күйөсүң,
Жакшылыкка колдонсоң
Жеңиш менен жүрөсүң...."

Дүрбөлөңдүү коктудан чыгып, тоо-токойду кезип, талаа-түздөн өтүп, "как" эткен каргасы, "кук" эткен кузгуну жок, куу чөлгө туш болушат. Жомоктун каарманы адаттан тышкары адам өмүрү, турмушу жөнүндө минтип: "Адам уулун не тагдыр түбөлүктүү кылбадың? Кылымдарды коротуп желге чачтың жыйганын. Адам уулун не мезгил аяп кое албадың?" деп ой толгойт.

Бул жомоктун табияты үчүн жат болсо да, автор психологизмди жуурулуштура, адам баласына мүнөздүү жагдайды камтып кеткен.

Түркүн-түмөн санаага батып келатса, чөл тараптан сансыз оттор көрүнөт. Оттор ар кай чеңден жылтылдап жанат, бирде каткырган үн чыкса, бирде улуп-уңшуп, жүрөктүн үшүн алат. Көрсө, куйтуңдаган түмөн чөө селдей каптап келатыптыр.

Катты мында аз кошун
Казык кылып каккандай,
Ал жетпеген бир чоң өрт
Жалмап келе жаткандай.
Жакындоодо бул укмуш
Курчап алып өчүгүп,
Жеп жаткандай кирген суу
Улам жарды көчүрүп.

Артта калган аттарды чөөлөр тытмалап жей баштаганда, Чилтен Жолборстор жүнүнөн берген тутамды кармап күчтөнөт да, кармашууга алардын падышасын чакырат. Эки чоң ат тирешип калганда, өздөрү жөнүндө мындай дейт:

-Биз кумдайбыз саналгыс,
биз чөптөйбүз кырылгыс.
Биз бул чөлдүн ээсибиз,
Биз токойбуз кыйылгыс
Бирибизди өлтүрсөң
Өч алабыз миңибиз.
Кербен өтсө миң төөлүү
Улам таштап бир төөсүн
Чөл четине барган ал.
Кара жанын куткарып
Жалгыз төөчөн калган ал.

Муну укканда ачуусуна чыдабай албууттанган Чилтен жерди ое муштап, колундагы шакекти чалдыбарга ыргытканда, "дүрт" деп, алоолоп күйүп, "кылым жаткан таштар да сымаптай эрип кетет."

Чөлдөн өтүп, токойго жетип, өздөрү суу кечип, аттарын ирдентишет. Көл жээгинде эр Чилтен кыйла күнүн өткөрүп, суу периси Күнкөкүл менен баарлашып калат. Күнкөкүл ичке каткан сырын төгөт. Сулуулугу жанда жок перинин көңүлүнө эч ким жакпай, кайгысына чыдабай, сууда жашап калганын айтат. Анын түркүмдөнгөн асем үнү, көз тайгылткан көркү Чилтенди өзүнө тартканына карабай, жүрөк түпкүрүндөгү

Айкөкүлүн унута албастыгын билдирет. Күнкөкүл күзгүнү жигитке белекке берет. Ал жөн эле эмес, сыйкырдуу күзгү болчу. Суу периси менен коштошуп бараткандагы баатырдын сезим-туйгусунун эң эле назик, купуя ыргактары мындайча ырга салынат.

Көңүлдөгү бир сыры
Көлгө чөккөн окшоду.
Жол жүрүүгө таң эртең
Күчтөп эркин көндүрдү.
Жүрөгүнө сүйүүнүн
Бир үрөнүн өндүрдү....

Алты ай жол жүрүп келатып, таш күзгүнү көзүнө тартса, бир керемет көл жээги көрүнөт. Кандайдыр бир жылуулук, ички сезим өрөөпкүтүп, "өз журтуң" дегендей, тааныш сымал туюлат. Ал күзгүнү айлантып, Айкөкүлүн издейт. Жолдун алысын билсе да, көл жээгиндеги көк майданга кыркалекей тигилген боз үйлөргө чуркап жеткиси келди...

Үчүнчү бөлүм - "Айкөкүлдүн түшү. Чоң жыйын ээси Чортон баатыр. Буурул таңдын жомогу" деп аталат.

Айкөкүл капилеттен кабыланга туш келет. Атырылып кабылан секирээрде жаңыдан минип алат эр Чилтен. Ошол замат эки шер кармашып кетет. Чаң уюлгуп, заматта экөөнүн караанын көрсөтпөй коет. Чоочуп ойгонсо, түшү экен.

Эртесинде түш көрсө:
кайра салса сарасап,
Жоо-жаракчан эр Чилтен
Кыйгач өтүп баратат.
Кыз кыйналып кыйкырат,
Үнү чыкпай кыркырап.
Кайра сүрдүү кабылан
Алга жылат ыркырап.

Каарданган Чилтен кабыланды былчырата уруп, Айкөкүлүнө кучак жая берерде куу шамал камгак сымал учуруп кетет. Кыз түшүн Түркүк Энеге мындайча жорутат:

„ - Кабыланды өлтүрсө
Чилтениңдин соолугу.
Аскер курчап калганы
Аны санаа басканы.
Күндөп-түндөп жол жүрүп
Катуу келе жатканы.
Кыйгач өтүп кеткени
Издегени өзүңдү.
үнүңдү укпай койгону
сагынганы сөзүңдү.
Төлгөм айтып жатты эле
Айлыбызга аз күндө
Бир ак барчын конорун
Чоң жыйында ал бирок
Амалына алданып
Чортон колдуу болорун..."

Муну укканда Айкөкүлдүн жан дүйнөсү дүрбөлөңгө түшүп, "мен Чилтенден айрылсам көрөр күнүм караңгы" деп, каңырыгы түтөп, "Эгер тийсем Чортонго мен Чилтенди сатканым. Тырмактайдан бир өскөн теңтуш көөнүн оорутуп, бетиме көө жапканым" деп безеленип, Чортондон кантип кутулуунун айласын сураганда, мындай акыл айтат:

"Чортон баатыр тоого жок
кармашканда капшырып
тоо тарапка сүйрөсүн.
Бөөдө суу да чөктүрөт
Соот, тулга кийбесин.
Конок түшсө эң четки
Алачыкка кирбесин,
Басып алса ал жерден
Уу балыктын ийнесин
Колу-бутун шишитип
Кедергиси тийбесин!.."

Түркүк-Эне-символикалык образ. Элдин эзелтен келаткан

жаллпы түшүнүк, көз карашындагы "карынын сөзү-акылд көзү" дегендей, акылман кеңешчи, алдын көрө билг даанышман. Бул жашоого эч ким түркүк болбогс ошондуктан ата-бабалардын акыл-ой казынасы, мурас



кийинки урпактар үчүн таберик чырак .

Чортон баатыр бүт көл кылаасын ээлеп алат. Элдин ма мүлкүн талап-тоноп, салык жыйып, каалагандай кордо тепсеп бийлигин жүргүзөт. Кордук көргөн чачкын журтта биригип, ачарчылыктан әптеп аман калганга, Айкөкүл күйөөгө бергенге убада беришет. Ошондогу эл жыйылган чо жыйынды автор мындайча сүрөттөйт:

Көл жакалай тиктирип
кырк өргөөнү көркөмдөп,
чокчурулган Чортондун
жайнап турган кези экен
той жасаймын эртең деп.

жарчылары жар айтып
добулбасын кактырып,
ар өргөгө ар журттун
өз белгисин тактырып.

Мергендерин жамбы атканга, жигиттерин эр сайышка даярдап, той камылгасын катырып көрүп жатканда, кашка жолдун чаңын ызгытып, б йтааныш эр келатат... Кабылан шердин сүрүнөн чоочуп кеткен Чортон бир жигитине буйрук берет:

Конок болсо жол жүргөн
конуп өтсүн, уруксат
Котур таштуу эр болсо
көл түбүнө чөгөрүп
тыйпыл кылам урушсак!...

Эр Чилтен Чортонго салам айта аттан түшүп, он аюнун терисин "тоюңа белек" деп берет.

Эртеси той башталат. Эр сайыштан кийин, Чортондун мергендеринин бирөөсү да жамбыга тийгизе ата албайт. Ал Чилтенди сынамакка "атып алгын" дейт. Кымыңдап, саадагынан ок сууруп, аттын башындай жамбыны атып түшүрөт да, куржунга салып коет. Буга Чортондун ичи ачышып, анысын билдирбеске, күч сынашууга чакырат. "Жеңип кетсең өзүмдү, ал балбандык таалайың...." дейт. Чилтен да кыябы келип калганынан пайдаланып, "жеңип кетсем бергин деп Айкөкүлдү сурады".

Эки баатырдын кан кызыткан кармашы башталат. Биринен-бири өткөн күчтүү эрлердин кимиси жеңет"- деп эл жардап турушат. Бул эпизодду айтканга автордон өтөөрү жок.

Бири тоого сүйрөсө
бири көлгө сүйрөдү.
Жер туяктан оюлду
дүңгүрөтүп дүйнөнү.
Аттар какты омуроо

өпкөлөрү калбырдай.
Чекесинен эки эрдин
тер куюлду жамгырдай.

Эр Чилтен кубаты кетип, шалдырай түшкөндө жолборстордун жүнүнөн бир тутамды койнунан алганда, күчү көлдөй ташып кетет. Темир алпты Чилтен тоону этектей сүйрөсө, Чортон аны көлдү көздөй тартат. "Жакындаса көл жакка күчтөнгөнү байкалып, көөшүп жаткан көл дагы кеткенсиди чайпалып". Дагы кубаты кете баштаганын сезген жигит таш күзгүнү алып, ташка чаап таштаганда, Чортондун өңү кумсарып:

Балык болуп балчайып
Чортон жатты такырда.
Кубанычтан эл жашы
көлдү көздөй каптады
Ошол күндөн көл суусу
туздуу боло баштады.

Жомоктун аягы эр Чилтен Айкөкүл сулууга баш кошуп, кырк күн, кырк түн той тойлогону менен бүтөт. Бирок, жигиттин жүрөгүнө катылган адам билбес сыры Күнкөкүл жөнүндөгү сар-санаасы ачыкка чыгат.

Жолон Мамытовдун "Буурул таңдын жомогу" чыгармасы балдар үчүн атайын жазган алгачкы саамалыгы болгонуна карабастан, кыргыз балдар адабиятындагы "унутулуп" бараткан жомок-традициясын жандандыргандыгы менен мыкты жомоктордун катарында турат. Башкы каарман эр Чилтендин образын ар тараптан жеткилең ачууда көмөкчү образдар: Жолборстор, Топжалын, Айкөкүл, Күнкөкүл ж.б. кейипкерлердин кылдат иштегени, автордун жемиштүү аракети, таланты, бул жанрды мыкты өздөштүргөнү көрүнөт. Андагы окуялар өтө кызыктуу, ырааттуу жана куюлушкан уйкаштыкта, салттык формада баяндалат. Айрым эпизод, саптардын көркөмдүк тереңдиги, стилистикалык боектуулугу (мындай мисалдарды жогоруда жетишээрлик келтирдик)

менен тилинин жатыктыгы, стилинин жагымдуулугу окурманды өзүнө тартат. Жомок-поэма жомоктук стилди кылдат сактаганы менен айрым сюжеттердин жаңылыгы (Жалпак Тамандын образы), окуясынын оригиналдуулугу (Дүрбөлөң коктунун сыры, андагы Топжалындын достугу), күтүлбөгөн табылгалары менен айырмаланат.

Поэманын негизги идеясы Ата-Мекенди сүйүү, элди-жерди коргоо, баатырдык менен патриоттуулукту, достук менен гумандуулукту даңазалоо болуп саналат. Эр Чилтедин Ата конушун душмандардын эзүүсүнөн куткарышы, жолуна бөгөт болгон тоскоолдукту, бүт коркунучтарды баатырдык менен жеңиши кичинекейлерди күчтүү жана туруктуу, айлакер жана тапкыч болууга үйрөтөт. Анын достукту баалай билгени жолборстор менен болгон мамилесинен, марттыгы душман экенин билсе да, Чортонго аюнун терисин тартуу кылган эпизоддон айкын көрүнөт. Адилеттикти баалай билген ак жүрөктүүлүгү Топжалындын урматына татыса, он эки жашында антташкан Айкөкүлүн издеп табышы сүйүүгө туруктуулугун айгинелейт. Топжалындын мамилесинен, иш-аракетинен ак ниетикке, аруулукка тарбиялоо көрүнөт. Анын диалогунан тынчтык-бейкуттук, чындык-адилеттүүлүк, жакшылык - ак ниеттик, тазалык - аруулук адам баласына гана эмес, жаратылыштын өзүнө да аба-суудай зарыл экендиги туюнтулат. Экологиялык апаат, экологиянын бузулушу так ошол жогоруда санап өткөндөрдүн аксап - чабалданышынан же болбосо кыйрап-жоголушунан келип чыгаары эскертилет. Адилетсиз мамиленин акыбети ("болсоң кокус каракчы, көздөрүңдү оңмун. От уурдагыч шум болсоң, байлап туруп кул кылам") жаратылыш стихиясынын жүз беришине алып келет. Мындагы оттун (Топжалын) жашоо-тиричиликтеги маңызынан башка дагы философиялык-эстетикалык мааниси жөнүндөгү ой тереңдетилет.

Жомоктун автору кыял-сезимдери эргип, эркин

токугандыктан, окуганда окурманды уламдан-ула кызыктырып турат. Кереметтүү жомокторго мүнөздү белгилер кызыл-жаян апыртмалар ашыкча эмес, тропту түрлөрү гиперболалар; "жолборс болуп кубулду", "аркан болу узарып" (17-бетте), "жайнап турган аскери, учуп чыкты ку болуп", "жер титиреп, зоо көчүп, тоо силкинип алды да" (18 "күндүн нуру жылкынын карегине куюлду", "бир зор өгү баткандай, бир ийнинде арыстан, эркин оонап жаткандай (39), "Балык болуп балчайып, Чортон жатты такырда" (42) "Куу ажалдын көзүнө, куу тумшугу көрүндү" (25) кылда пайдаланып, сюжеттин көркөмдүүлүгүн, боектуулугу арттырган, баланы таанып-билүүсүнө таасир эткен күчөтм салыштыруулар; "ал жетпеген бир чоң өрт, жалмап кел жаткандай" (26), "жеп жаткандай кирген суу", "селдей болу каптады" (27), "эрип кетти сымаптай" (29), "тырмактар шамшардай (6), ойдун сыйымдуулугун таасындатка синекдоха "көөшүп жаткан көл дагы, кеткенсиди чайпалы (41) чебердик менен колдонулган.

Орус элинин чоң сүрөткери Максим Горький: "Жомо дегениңиз негиздүү, ишенимдүү божомолдун чыныгы булаг болгон" деп айткандай, акындын фантазиясынын байлыгына кеңдигинен жаралган; жин-перинин кыздары, аскер Жалпак Таман, анын отуз амалы, жолборстун адамч сүйлөгөнү, маңдайында шамы бар аргымак, Жолборстордун жүнүнүн бир тутамынын кереметтүү касиети, опол Дө топтой тоголок Топжалын, чөөлөрдүн падышасы, сыйкырдуу шакек, таш күзгү, Чортон баатыр, суу периси Күнкөкү акылман Түркүк-Эне жөнүндөгү фантастикалуу көрүнүштө чыгармада улам күчөтмө-апыртмалуу баяндоодо реалдуулукка бет алган мезгилиндеги кичинекей балдарды сезим-кыялынын, ой-чабыттарынын өсүшүнө жардамдашат.

Поэма-жомоктун бирдей илеп, бирдей дем менен шы жазылганы, ыр сабынын үч-төрт сөздөн ашпаган окуганг жеңилдиги, балдардын тилинин, эстетикалык табитини

калыптанышына, үзүндүлөрдү жаттатуу аркылуу тил байлыгын өстүрүүгө, көркөм окутуунун жана адабий талдоонун натыйжасында сөз искусствосунун көркөм дөөлөттөрүнө эшик ачат.

Акырында китептин жасалгасы жөнүндө айтпай коюуга болбойт. Жомоктун сүрөттөрү, мукабадагы иллюстрациялык композициянын жогорку деңгээли чоң камылга, профессионалдык чеберчилик менен тартылган. Улуттук сүрөт искусствосуна таандык табылганын негизинде элдин рухун, духун чагылдырган аргументтери чыгарманын мазмун-идеясы менен шайкешип турат.

# КОРУТУНДУ

Жолон Мамытов табиятынан лирик бирок, ал ошону менен гана чектелбегенине күбө болдук. Чыгармачылык адабий процесстин өздүк талабына жараша улам жаңы чектерге умтулуу, талант дареметин көрсөтүш үчүн жасалган аракеттин натыйжасында эпикалык чабыттары активдүү, жемиштүү болуп, өзүнө жараша айрым ийгиликтерге жетишкен. Айрыкча "Башат жана мухит", "Асирет", "Даңгырга мактал" публицистикалык, "Буурул таңдын жомогу" баатырдык поэмаларында көркөм метод, поэтикалык табылгалар арбын, төгөрөгү төп келишип турат.

Акын өзөктүү ойлорго мисалы; ак менен каранын, адилет менен адилетсиздиктин ("Сепилдеги" ханыша менен Ганызак), коркоктук менен баатырдыктын ("Олоңбайырдагы" Думана) таймашын көңүл бурарлык даражада ачып, кейипкерлердин психологиялык абалдарын, сырткы белгилерин, иш жүргүзүү жолдорун жалпылоого алган. Өткөн доордун үрп-адат, каада-салт, кыскасы, жашоо ыңгайына ("Олоңбайырдагы" автордук баян аркылуу) реалдуу мүнөздөмө берүүгө кыйла эле ийкемдүү аракет жасаган. Ошондой эле эпикалык жанрды жаңыча өздөштүрүүгө көтөрүлө албай, көнүмүш канондордун алкагында калган жактарын ачык-айкын талдоо аркылуу белгилөөгө аракеттендик.

Акындын кеңири талдоого алынган эпикалык чыгармаларында композиция-сюжет куруу жагынан көпчүлүк учурда мурдатан үстөмдүк кылып келген схематизмге жеңдирип жиберет. Ошого жараша мазмун, жаңы формага, индивидуалдуу конкрет мүнөз түзүүгө чабалдык кылып калат. Ошондуктан мистика, легенданын мотивдери чыгармаларында өзүнүн өң-келбетин, түс-турпатын өзгөртө албай калган кездери даана эле байкалып турат. Алар учурдун социалдык-философиялык көз караштарына,

этикалык-эстетикалык тажрыйбаларына ылайыкташпаган.

Жыйынтыктап айтканда, биз акындын эпикалык чабытына обьективдүү баа берүүгө аракеттендик. Анткени, акындын активдүү аракети жакшы жазылган айрым эпизоддор, күчтүү чыккан куплеттер, баалуу ыр саптары болгон менен чыгарманы бүтүндөй алып караганда кыргыз улуттук адабиятында бекем түптөлүп, профессионалдык деңгээли жогору көтөрүлүп калган поэма жанрынын мыкты үлгүлөрүнүн катарынан орун алууга күчү жетпей тургандыгын да баса белгиледик. Адилетик талабы болгонун болгондой гана айттырат. Лирик Жолон Мамытов менен эпик Жолон Мамытов бир баскычка тең көтөрүлө элек бойдон кала беришкенине айныгыс күбө болдук.

## Пайдаланылган адабияттар

### Киришүү

1: Даутов К. Проблемы традиций и новаторства в киргизской советской поэме: Автореф.дис... канд.филол.наук. - М., 1973.- 14с.

2. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. - Фрунзе: "Илим" - 553-568-б

3. Литературное обозрение. 1974, №10, 53-б.

4. Сулайманов М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы, Ош-1992.-88-б.

### Глава I

1. Акындын күндөлүгү 7.III.1971
2. Белинский В.Г. Собр соч.: в 3 т..т.1.-М., 1948.-с.351
3. Островский А.Н. Полн.Собр.соч.т.12.-М., 1952.-с.43
4. Акындын архиви. "Замандаштарым" циклинен.15.08.1987.
5. Кузнецов А. "Сепилге" баам салганда... // Кыргызстан маданияты - 1988-28-янв.
6. Исмаилова Р. Берикбай жамакчы // Ош жаңырыгы.-1996.-20-февр.
7. Мамытов Ж. Башат жана мухит.-Бишкек: "Адабият" 1990.-131-132-б.
8. Ошол эле китептен. 136-б.
9. Ошол эле китептен. 143-б.
10. Ошол эле китептен - 145-146-б.
11. Ошол эле китептен - 165-167-б.

### Глава II

1.Мамытов Ж. Мезгилдин элеси.-Фрунзе: "Кыргызстан" 1976.-63-б.

2. Ошол эле китептен.-66-б.

3. Ошол эле китептен.- 69-70-б.

5. Ошол эле китептен. 75-б.

### Глава III.

1.Мамытов Ж. Башат жана мухит.- Бишкек: "Адабият" 1991.-

398-б.
2. Мамытов Ж. Суунун өмүрү. - Фрунзе: "Кыргызстан", 1981, 131-б.
3. Ошол эле китептен. - 134-б.
4. Ошол эле китептен. -135-б.
5. Муса Джалиль. Избранное. М.:Худлит.1990
Глава IV
1.Мамытов Ж. Суунун өмүрү. Фрунзе, Кыргызстан, 1981.
2. Ошол эле китептен. 143-б.
3.Ошол эле китептен . 153-б.
4. Ошол эле китептен. 160-б.
Глава V.
1. Мамытов Ж. Башат жаңа мухит.-Бишкек: "Адабият" 1991.-398-б.
2. Ошол эле китептен.407-б.
3. Ошол эле китептен. 410-б.
4. Ошол эле китептен. 422-423-б.
5.Ошол эле китептен.430-431-б.
Глава VI.
1. Акындын үй архиви. Ж.Мамытовдун чыгармачылыгына арналган телекөрсөтүүнүн сценардык планы, 1987-ж
2. Мамытов Ж. Башат жана мухит, Б.: "Адабият" 1991, 391-б.
3. Америкалык "Стратегиялык коргонуу демилгеси" деп аталган агрессивдүү план.
4. Ошол эле китептен 387-б.
5. 382-б., 1962-жылы контрастар басып кирген Кочинос булуңундагы кыштак.
6. Ошол эле китептен 323-б.
Глава VII.
1. Мамытов Ж. Буурул таңдын жомогу. Фрунзе.- "Мектеп"-1980
2. Горький М. О детской литературе, М.Детская Литература 1968, -106-б.

## М А З М У Н У

Алгы сөз ........................................................................4

Киришүү........................................................................ 6

Глава I.
"Сепил" - биримдиктин символу........................................12

Глава II.
Мезгил жөнүндөгү философиялуу ыр..................................33

Глава III.
Ыр жазуу -дилдеги акыйкатты айтуу..................................43

Глава IV.
"Жанар менен Олокон".................................................58

Глава V.
Олоңбайыр - элдик образ...............................................67

Глава VI.
Оптимист акындын гуманисттик ойлору...............................83

Глава VII.
Баатырдык поэманын көркөм идеясы..................................94

Корутунду ......................................................................112

Адабияттар ....................................................................114

**Исмаилова Ризван**

# *"Эпикалык чабыттар"*

Китеп "Жети Түс" полиграфиялык
комплексинде офсеттик ыкмада басылды.
Сүрөтчүсү: Равшан Ырысбаев.
Дизайн: Айнагүл Малабекова.
Терген: Динара Турсункулова.
Нускасы: 100
Ош шаары, 2002-жыл